КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ
ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК
УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

ОШСКИЙ ТЕХНОЛОГИЧЕСКИЙ
УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ
М.М. АДЫШЕВА

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
OSH TECHNOLOGICAL UNIVERSITY NAMED AFTER M.M ADYSHEV

723503, Ош ш., Н. Исанов көчөсү, 81.
Тел.: (03222) 4-38-83.
Факс: (03222) 4-33-97.
E-mail: oshtu.adyshev@mail.ru
http: //oshtu.kg
ИСН 02305199610027

81 Isanov st. Osh, 723503, Kyrgyz Republic
Тел.: (03222) 4-38-83.
Факс: (03222) 4-33-97.
E-mail: oshtu.adyshev@mail.ru
http: //oshtu.kg
TIN 02305199610027

723503, г.Ош, ул.Н.Исанова,81
Тел.: (03222) 4-38-83.
Факс: (03222) 4-33-97.
E-mail: oshtu.adyshev@mail.ru
http: //oshtu.kg
ИНН 02305199610027

__________-ж. №__________

# ГУМАНИТАРДЫК-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ

**Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча “Сапаттуу билим агенттинине” аккредитация үчүн өздүк баалоонун жыйынтыгы боюнча**

# ОТЧЕТУ

**080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)**

**080501 Менеджмент (тармактар боюнча)**

# АДИСТИКТЕРИ

**Өздүк баалоо боюнча отчет
ОшТУнун окумуштуулар кеңешинин
жыйынында каралган жана бекитилген,
№ 1-протокол, 23.09.2024-ж.**

**Отчетту тапшырган күнү
25.09.2024-ж.**

**Ош-2024**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ГУМАНИТАРДЫК-ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

"Бекитемин"
ОшТУнун ректору,
т.и.к., профессор
Турсунбаев Ж.Ж.
________________
"___"______2024-ж.

ОшТУ, ОКнин чечими
№ 1, 23.09.2024-ж.

**080110 Экономика и бухгалтерский учет(по отраслям),**
**080501 Менеджмент (по отраслям)**
**адистиктери боюнча**

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ӨЗДҮК БААЛООНУН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА ОТЧЕТУ

**ГТКнын директору** **Саадалов Т.Ы.**

**Ош-2024**

**Өзүн-өзү баалоо комиссиясы**

| | **Аты жөнү, илимий даражасы, наамы** | **Комиссиядагы орду** | **Колу** |
|---|---|---|---|
| | Мамытов У.Ж..- Окуу иштери боюнча проректор, т.и.к., доцент | комиссия төрагасы | |
| | Болушев Э.М.- ОПУжББСД директору, доцент | комиссия мүчөсү | |
| | Азимова А.А.- ББСБнүн башчысы | комиссия мүчөсү | |

**Жумушчу топ**

| | **Аты жөнү, кызматы, илимий даражасы, наамы** | **Жумушчу топтогу орду** |
|---|---|---|
| | Саадалов Т.Ы.- ГТКнын директору, ф.-м.и.к.,доцент | Топтун жетекчиси |
| | Баатыров З.К.- ГТКнын Экономика ПЦБнин башчысы | мүчөсү |
| | Зулпукарова Т.А. – Экономика ПЦБнин ага окутуучусу | мүчөсү |
| | Бекмуратова А.А. - Экономика ПЦБнин окутуучусу | мүчөсү |

**Ош – 2024**

**МАЗМУНУ**

Шарттуу кыскартуулар..........................................................................................................5

Киришүү..................................................................................................................................6

1-стандарт. “Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү”....12

2 – стандарт “Окутуунун натыйжаларын кабыл алкк жана таануу” .....................................21

3-стандарт “Инсанга багытталаган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо” ..........................................................................................28

4- стандарт “Педогогикалык жана окуу-көмөкчү персонал” .................................................37

5- стандарт “Материалык жана маалыматтык ресурстар” .....................................................42

6- стандарт “Маалымат жана коомчулукка жеткирүү” ..........................................................50

Тыянак....................................................................................................................................55

**Шарттуу кыскартылган белгилердин тизмеси**

| | |
|---|---|
| КР | Кыргыз Республикасы |
| ОшТУ | М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети |
| ГТК | Гуманитардык-технологиялык колледж |
| ББжИМ | Билим берүү жана илим министрлиги |
| т.и.к. | Техника илимдеринин кандидаты |
| ЖКББ | Жогорку кесиптик билим берүү |
| НББП | Негизги билим берүү программасы |
| ЖОЖ | Жогорку окуу жай |
| ККМУ | Көз карандысыз мамлекеттердин уюму |
| КМП | Курс боюнча маалымат пакети |
| КК | Кесиптик компетенция |
| ECTS | European Credit Transferand Accumulation System |
| ОПК | Окутуучу-профессордук курам |
| СИИИ | Студенттин илимий-изилдөө иши |
| ОКББ | Орто кесиптик билим берүү |
| КТП | Календардык-тематикалык план |
| ПЦБ | Предметтик-циклдик бирикме |

# КИРИШҮҮ

“М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети” мекемеси Мамлекетибиздин Түштүк регионундагы техникалык, технологиялык жана инженердик багыттагы жогорку, орто жана жогорку окуу жайдан кийинки жогорку квалификациядагы кесиптик адистерди даярдоодогу жогорку окуу жайлардын бири болуп эсептелет.

**ОшТУнун почталык дареги, телефон, факс, e-mail, веб-сайт:**

**Юридикалык дареги:** 714000 Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Исанов көчөсү 81,

**Телефон:** (03222) 4-38-83,

**Факс:** (03222) 4-33-97,

**E-mail:** oshtu.adyshev@mail.ru ,

**веб-сайт:** **http://oshtu.kg/**

**«М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети» мекемесинин уюштуруучулук-укуктук формасы жана менчик формасы тууралуу маалыматтар:**

«М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети» мекемесинин Уставы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинде 2024-жылдын 27-январында №118/1-буйругу менен бекитилген (Тиркеме_К1). Университет жогорку, орто жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн Уставдын негизинде жүргүзүп келет.

“М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети” мекемеси КРнын Юстиция Министирлиги тарабынан мамлекеттик билим берүү мекемеси катары 2024-жылдын 31-январында кайрадан каттоодон өткөн (Тиркеме_К2), университет өзүнүн билим берүү ишмердүүлүгүн №LS19000456 лицензиянын сериялык номери менен берилген, каттоо номери №D2019-0018 негизинде ишке ашырат (Тиркеме_К3).

“М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети” мекемесинин жогорку органы – Камкорчулар кеңеши. Аталган кеңештин курамын КРнын өкүлдөрү түзөт (Тиркеме_К4) жана бекитилген иш пландын негизинде иш алып барат.

**Университеттин жетекчилери:**

1. Ректор: т.и.к., доцент Турсунбаев Жанболот Жанышович, моб.тел.: 0778263480, janbolot.72@gmail.com.

2. ОИ боюнча проректор: т.и.к., доцент Мамытов Улук Жанышович, моб.тел.: 0220177379.

3. Илим жана инновация боюнча проректор: а.ч.и.д., профессор Танаков Нурланбек Токтогулович, моб.тел.: 0779582700, ntanakov@bk.ru.

4. Сырткы байланыштар жана өнүгүү боюнча проректор: т.и.к., доцент Акматалиев Асан Тургунбаевич, моб.тел.:0550451059, akmataliev.asanbek@mail.ru.

5. Мамлекеттик тил боюнча проректор: п.и.д., профессор Зулпуев Ашим Зулпуевич, 0772224093, zulpuevashim@mail.ru.

6. Окуу бөлүмүнүн башчысы: Болушев Эрнис Маматалиевич,

**Өзүн-өзү баалоо боюнча жумушчу комиссиянын курамы**

Жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун өзүн-өзү баалоо боюнча ректордун "Жумушчу комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө" буйругу чыккан (Тиркеме_К5) жана төмөнкү курамдан турат:

**Өзүн-өзү баалоо комиссиясы**

| | **Аты-жөнү** | **Комиссиядагы орду** |
|---|---|---|
| | Мамытов У.Ж | Окуу иштери боюнча проректор, профессор, ЖК төрагасы |
| | Болушев Э.М | ОПУжББСД директору, доцент, ЖК мүчөсү |
| | Азимова А.А | Билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы, ЖК мүчөсү |
| | Саадалов Т.Ы. | Гуманитардык-технологиялык колледжинин директору, доцент, ЖК мүчөсү |
| | Баатыров З.К | Гуманитардык-технологиялык колледждин Экономика ПЦБнын башчысы, ЖК мүчөсү. |
| | Зулпукарова Т.А. | Экономика ПЦБнын ага окутуучусу, ЖК мүчөсү |
| | Бекмуратова А.А. | Экономика ПЦБнын окутуучусу, ЖК мүчөсү |

**Ош технологиялык университетинин жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын лицензиялары тууралуу маалыматтар:** Университет көп баскычтуу бакалаврларды, адистерди, магистрлерди даярдоону жана PhD докторлорду даярдоону ишке ашырат. Университетте 2 PhD адистиги, 14 магистратура, 30 бакалавриат багыты жана 3адистик багытында, орто кесиптик билим берүүнүн 29 адистиги боюнча билим берүү ишмердүүлүгүнө лицензиясы бар (Тиркеме_К6).

Университетте даярдалып жаткан жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары 2017-жылдан бери көз карандысыз КРнын ББжИМнин реестринде катталган агенттиктерден программалык аккредитациядан өтүп келет.

ОшТУнун бакалавриат, адис жана магистратура билим берүү программаларын аккредитациялоо жөнүндө маалыматтар (Тиркеме_К7) берилген.

**«М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети» мекемесине берилген сыйлыктар тууралуу маалыматтар:**

- Ош облусунун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө, калктын жашоосун жакшыртууга шарттарды түзүүдөгү аракеттери менен жумуш орундарын көбөйтүү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуугакошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Жылдын мыкты мекемеси – 2023” номинациясы.
- “Жылдызстан” коомдук-саясий журналынын тандоосу менен “Жылдын мыкты окуу жайы-2023” номинациясы.

**«М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети» мекемесинин ар кыл уюмдардагы мүчөлүгү тууралуу маалыматтар:**

1. Университеттердин Улуу Хартиясынын (ассоциациясынын) мүчөсү.
2. Россия-Кыргыз техникалык университеттердин консорциумунун мүчөсү.
3. Шанхай кызматташтык уюмунун университеттеринин тармагынын мүчөсү.
4. Эл аралык илимий метрикалык базага жазылуу боюнча консорциумдун мүчөсү.
5.“Интеллектуалдык менчик укуктары жана обьектилери менен траззакцияларды кайра иштетүү боюнча улуттук координациялык борбор” ассоциациясынын мүчөсү.
6. Социалдык иштер мектебинин ассоциациясы” юридикалык жактардын коомдук бирикмесинин мүчөсү.

Аккредитациялана турган 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктеринин окуу планы КРнын ББжИМги тарабынан бекитилген Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлүп, бекитилген.

*Тиркеме К8. 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктеринин окуу планынын көчүрмөсү*

**Бардык билим берүү программалары боюнча студенттердин саны жөнүндө маалыматтар** (Тиркеме_К9, Статистикалык маалымат) берилген.

ОшТУнун контингенти **12290 студент түзөт**.

- СПО – 3308 студент;
- Бакалавриат, адис – 8567 студент;
- Магистратура – 410 магистрант;
- PhD – 5 докторант.

**Университеттин кыскача тарыхы**

Кыргыз ССРинин жогорку жана атайын орто окуу жайларынын министринин буйругу менен 1963-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун Оштогу кечки жалпы техникалык факультети ачылган.

- 1988-жылы Оштогу кечки жалпы техникалык факультет ФПИнин кечки факультети болуп аталган.
- 1990-жылы ФПИнин Оштогу филиалы болуп кайрадан түзүлгөн.
- 1990-жылдын декабрь айында Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен Оштогу филиал өз алдынча жогорку окуу жай - Ош технологиялык колледж болуп түзүлгөн.
- 1996-жылы 24-февралда Кыргыз Республикасынын № 21 жарлыгы менен Оштогу технологиялык колледж кайрадан Ош технологиялык университети болуп түзүлгөн.

2023-2024-окуу жылында Ош технологиялык университеттин структурасын 7 факультет: табигый-техникалык, кибернетика жана маалымат технологиялар, экономика жана башкаруу, архитектура жана курулуш, автоунаа жана тейлөөнүн технологиясы, энергетика, технология жана жаратылышты пайдалануу, магистратура бөлүмү, гуманитардык-технологиялык колледжи түзөт.

**ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжинин кыскача тарыхы**

ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжи 2004-жылдын февраль айында Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун 2004-жылдын 22-апрелиндеги №09-04/140 буйругунун негизинде жалпы негизги же орто жалпы билим берүү базасында ортоңку звенодогу адистерди даярдоо жана кайра даярдоо үчүн кесиптик орто билим берүү максатында Технологиялык колледж болуп ачылган.

Гуманитардык-технологиялык колледж ОшТУнун структуралык бөлүгү болуп эсептелет. Колледж бүгүнкү күндө кесиптик орто билим берүү программасынын гуманитардык, экономикалык, техникалык жана технологиялык багыттардагы адистиктери боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдап жаткан көп профилдуу окуу жай. Түзүлгөндөн тартып учурга карай жетиштүү деңгээлде материалдык-техникалык база менен камсыздалды. Окуу процессин уюштуруу нормативдик талаптарга ылайык жолго коюлуп, билим берүү сапаттык жактан жогорку деңгээлге көтөрүлдү. Гуманитардык-технологиялык колледж кесиптик орто окуу жайлардын арасында татыктуу ордун таап, окуу жайга тапшырууну каалаган абитуриенттердин жана билим алып жаткан

студенттердин саны жыл сайын өсүүдө. Мезгил талабына ылайык мында даярдалып жаткан адистиктерге коомчулуктун суроо-талабы жогору.

Окуу жай бүгүнкү күндө республикадагы эң ири кесиптик орто окуу жайлардын бирине айланды. Коллеждин кесипке даярдоодогу ар тараптуулугун, мында даярдалып жаткан адистиктерге коомчулуктун суроо–талабынын жогору экендиги эске алынып, 2019-жылдын 28-ноябрындагы ОшТУнун Окумуштуу кеңешинин жыйынын (№3,2019) "Технологиялык колледждин атын өзгөртүү" тууралуу чечимин бекиткен ректордун №09-04/311 2019.05.12. буйругу менен колледждин аты өзгөртүлүп, ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжи болуп аталган.

Окуу жайда илимдин кандидаттары жана жогорку тажрыйбалуу окутуучулар сабак беришет. Студенттер ОшТУнун материалдык-техникалык базасында, илимий-лабораторияларында, окуу залдарында билим алышат.

Гуманитардык-технологиялык колледжде адистиктер боюнча азыркы күндө жалпы 4638 студент, алардын 3085 студент күндүзгү окуу фомасында, 1553 студент сырттан окуу формасында билим алып жатат.

Гуманитардык-технологиялык колледжде жалпы 188 окутуучу профессордук курам, алардын ичинен 9 илимдин кандидаты эмгектенет.

**Колледждин миссиясы:** «Кыргыз Республикасынын өндүрүш дараметин жана экономикасын көтөрүүгө жарамдуу болгон жогорку деңгээлдеги теориялык жана практикалык жөндөмү бар, эл чарба тармактарын өнүктүрүүдө атаандаштыкка туруктуу, бийик инсандык сапатка ээ адистерди даярдоо».

Гуманитардык-технологиялык колледждин жамааты кесиптик билим берүү программаларынын окуу жайдын миссиясындагы жана стратегиясындагы ордун так түшүнөт жана бул багыттагы иштери өз ишмердүүлүндө толук аныктаган. Колледж өзүнүн миссиясын аткарууда билим берүүнүн сапатын жогорулатууну максат кылып, ал боюнча окуу жайдын атайын саясатынын алкагында аракеттенет. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу саясаты дайыма талдоого алынып, анын жыйынтыктары билим берүү ишмердигинин андан ары сапаттуу жүрүшүн камсыз кылуучу каражаттар, иш чаралар менен толукталып келет.

## СТАНДАРТ 1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ ЖАНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ

Кесиптик орто билим берүүчү уюмда билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү жол-жоболору болууга тийиш. Билим берүү программалары белгиленген максаттарга жооп бериши керек.

**1.1. Билим берүү программасы билим берүү уюмунун миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келген так белгиленген билим берүү максаттарына жана күтүлүүчү окутуу натыйжаларына ээ ;**

ОшТУнун миссиясы жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларына тиешелүү тармактар үчүн жогорку кесиптик деңгээлдеги, азыркы учурдагы базар экономикасынын шарттарына жооп бере алган, чет тилдерди жана жаңы маалымат технологияларын терең үйрөнгөн адистерди даярдоого багытталган.

**Бүгүнкү ааламдашкан коомдогу ОшТУнун миссиясы**

Мезгил талабына ылайык, заманбап, өз тармагында мыкты, өзүнө болгон ишеними жогору, коомдун алдында жооптуу, эл аралык деңгээлде иштей алчу адистерди даярдоодо окутуунун алдыңкы инновациялык технологияларын колдонуу менен сапаттуу билим берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо.

Алган билим-тажрыйбаларын илимде, өндүрүштө, жана ишмердүүлүктө компетенттүү мамиле аркылуу практика жүзүндө ишке ашырууда жаңы формациядагы жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жолу менен республиканын экономикасын, өндүрүшүн көтөрүү жана өнүктүрүү.

Экономимка, өндүрүш, техника жана технологиялар тармагын көтөрүүнү, өнүктүрүүнү көздөгөн улуттук жана эл аралык эмгек рыногу үчүн өз чөйрөсүндө мыкты жана керектүү адистерди даярдап берүү.

ОшТУнун жетекчилиги жана кызматкерлери окуу жайдын миссиясын жана стратегиясын так жана даана тушунушот. ОшТУнун миссиясы бардык студенттерге жана кызматкерлерге жеткиликтуу болуп, ОшТУнун сайтына жайгаштырылган**.** www.oshtu.kg. Миссиянын тексти университеттин башкы корпусунун фойесинде жана аудиторияларда жайгаштырылган.

ОшТУ миссиясы коомчулукка жеткиликтуу болуш учун төмөндөгү сайтта уч тилде жайгаштырылган www.oshtu.kg жана “Жаштык” телестудиясы тарабынан жана Универ.kg журналы аркылуу жүргүзүлөт.

ОшТУнун миссиясы 2017-жылдын 27-июнунда университеттин окумуштуулар кенешинде кайрадан каралып №6-протокол менен бекитилген

Ош технологиялык университети өзүнүн так аныкталган миссиясына ээ жана улуттук саясатта  жогорку билим берүү алкагында аймактарды онуктуруудо социалдык экономикалык, илимий билимдерди, маданиятты онуктуруудо салымын кошот. Университет өлкөнүн жетектөөчү окуу жайына жетууго умтулат. Дүйнөлүк академиялык, интеллектуалдык, жана илимий аймакта ата мекендик жогорку окуу жайды татыктуу көрсөтүү, билим берүүдөгү атаандаштыкка жетуу негизги максаттардын бири болот. Билим берүүдө атаандаштыкка туруктуу болгон экономикалык, социалдык иш, бизнес багытындагы, математикалык илимдер, техникалык жана технологиялык багыттагы Кыргызстандын экономикасына салымын кошкон сапаттуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө университет жылдап топтолгон эн жакшы тажырыйбаларына жана илимий салттарына таянат.

Окуу жайдын миссиясынын ишке ашырылышы, өнүгүү стратегиясы жана стратегия планы сапаттык өнүгүүсүнүн максаттары жана саясаты университеттин жетекчилиги тарабынан тыкыр козомолго алынган. Ал негизинен ар кандай коллегиялык жыйындарда жыйналыш органдарында (окумуштуулар кенеши, ректорат, координациялык кенеш, усулдук кенеш) отчетторду угуу менен козомолдонот.

*Тиркеме 1.1. ОшТУнун миссиясынын көчүрмөсү;*

**1.2. Билим берүү программасы боюнча окуу жүктөмү билим берүү стандарттарына шайкеш келет;**

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктери боюнча негизги жана жумушчу окуу пландары бекитилген. Андагы окуу жүктөмдөрү орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартынын талаптарын жана НББПны эске алуу менен түзүлгөн. Окуу жүктөмү эки жылдык мөөнөт менен 120 кредитти түзүп, бир окуу семестринде 30 кредит окутулат. Адистиктин жумушчу окуу планы педагогикалык кеңештин отурумунда талкууланып, мамлекеттик стандарттагы көрсөтүлгөн айрым дисциплиналардын дал келбестиги айтылып, окутууга зарыл болгон дисциплиналар вариативдүү бөлүктөргө киргизилген.

**080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктери боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын**

**ТҮЗҮМҮ**

| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын | | Негизги билим берүү программасынын көлөмү жана анын кредиттердеги окуу циклдери |
|---|---|---|
| | | 1 жыл 10 ай |
| **Блок 1** | 1) жалпы гуманитардык цикл;<br>2) математикалык жана табигый илимдер циклы;<br>3) кесиптик цикл; | 99 |
| | Дене тарбия (теориялык окутуунун аралыгында жумасына 2 сааттан) | 3-5 семестр |
| **Блок 2** | Практика | 15 |
| **Блок 3** | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация | 6 |
| Негизги билим берүү программасынын көлөмү | | 120 |

НББП 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктери боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан ченемдик-методикалык материалдардын системасы болуп саналат, ал КР ББжИ Министирлигинин 10.05.2022 ж., 863/1 буйругу менен бекитилген, каттоо номери 8 коду 200724

Окуу планында көрсөтүлгөн сабактар, ОшТУнун №7 (Нормы и планирование учебно-педагогической нагрузки) бюллетениндеги нормаларга ылайык, кафедранын профессордук-окутуучу курамына саат түрүндө ПЦБнын башчысы тарабынан бөлүштүрүлөт. Окуу жүктөм колледждин директору менен макулдашылып, сапат бөлүмүнөн текшертирилип, ОПУжББСД директору менен макулдашылып, ОшТУнун биринчи проректору тарабынан бекитилет. Жүктөмдөр эки семестрге бөлүнүп, бир жыл аралыгында аткарылат.

Студенттердин окуу жүктөмдөрү жумушчу окуу планынын негизинде семестрдик план түзүлүп бөлүштүрүлөт. Жылдык окуу жүктөмү 60 кредитти түзүп бир семестрде 30 кредиттик окуу жүктөмү пландаштырылып жумасына 32 академиялык саат нормасында аткарылат.

Универ+ окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү жана студенттердин жетишүүсү боюнча маалыматтар электрондук китепчеде чагылдырылат.

*Тиркеме 1.2.- Адистиктин мамлекеттик стандартынын көчүрмөсү.*

*Тиркеме 1.3.- Бюллетень №7 ОшТУ кызматкерлерин аттестациялоо жонундо жобо, эмгек акыга устукторду белгилоо;*

**1.3. Билим берүү программасы практиканын,стажировкалардын бардык зарыл түрлөрүнө жана окутуунун башка түрлөрүнө ээ;**

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктери боюнча практиканы өтөө жобосу ОшТУнун №9 бюллетенинин (практика жонундо жобо) негизинде уюштурулат. Ага ылайык Экономика предметтик-циклдик бирикмеси студенттерди практикаларга жөнөтүү үчүн мамлекеттик жана жеке мекеме-ишканалар менен келишимдерди түзгөн. Практика студенттердин теориялык курстарды өздөштүрүүнүн натыйжасында алган билимин жана көндүмдөрүн бекемдейт, практикалык көндүмдөрдү өнүктүрөт жана студенттердин жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзөт.

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктери практикаларды өтөө үчүн бекитилген окуу пландын негизинде уюштурулат. Окуу планында практика үчүн 15 кредит каралган. Анын ичинен 8 кредит өндүрүштүк жана 7 кредит квалификациялык практика.

Студенттерди практикага жөнөтөөрдө ПЦБ башчысы, практика боюнча ПЦБдагы жооптуу окутуучу жана практика жетекчилеринин катышуусунун негизинде инструктаж өткөрүлөт. Студенттерге жеке тапшырмалар берилип, экономика жана бухгалтердик эсеп жана менеджмент адистиктерине ылайык келишим тузулгон мекемелерине жөнөтүлөт.

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктеринде окуган студенттер окуу мөөнөтү учурунда төмөнкү практикалардан өтүшөт:

- биринчи өндүрүштүк - 2-семестр, 3 жума
- экинчи өндүрүштүк - 3-семестр, 3 жума
- квалификациялык практика - 4-семестр, 4 жума

*Тиркеме 1.4.: Студенттердин практика учурундагы сүрөттөрү.*

*Тиркеме 1.5.: Ишканалар менен практика үчүн түзүлгөн келишимдердин көчүрмөсү.*

*Тиркеме 1.6.: ОшТУнун №9 бюллетенинин (практика жонундо жобо)*

**1.4. Билим берүү программасы мазмунга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү жана аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыз кылат,анын ичинде билим алуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо;**

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктери боюнча окутулуучу дисциплиналардын маңызын өркүндөтүү үчүн жыл сайын окутуучулардын окуу- усулдук комплекстерине мониторинг жүргүзүлүп турат. Окуу программалар педагогикалык кеңеш жана окуу-усулдук кеңеш тарабынан каралып чыгып бекитилет. Окутулуучу материалдардын сапаты ПЦБ башчы жана окуу – усулдук кеңеш тарабынан текшерилет.

Студенттерди окуу-усулдук жактан камсыздоо КР ББжИМги тарабынан бекитилген билим берүү стандарттарына ылайык жүргүзүлөт. Адистиктерге аталган стандартка ылайыкталып окуу пландары түзүлгөн жана баардык талаптарга ылайык келет.

Окуу программасын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана баалоо үчүн жооптуу болуп ОшТУнун окуу-усулдук кеңеши чыгат. Анын төрагасы университеттин окуу иштери боюнча проректору болуп эсептелет.

Окуу планына ылайык окутулуучу дисциплиналардын жумушчу программасын, глоссарийди, лекцияларды, методикалык иштеп чыгууларды, тесттик тапшырмаларды ж. б. камтыган окуу-методикалык комплекстер иштелип чыккан.

Инновациялык жана интерактивдүү окутуунун формалары жана усулдары “Ачык сабактар” убагында көрсөтүлүп окуу процессине киргизилет.

Билим берүү процессин жакшыртуу максатында Экономика ПЦБсы башка ПЦБлардын адистикке сабак берген окутуучулар жана иш берүүчүлөр менен биргелешкен семинарлар өтүлгөн. Иш берүүчүлөр жана кызыкдар тараптар тарабынан да жогоруда аталган Универ+ программасы тарабынан студенттердин жетишүүсүн көзөмөлдөөгө болот. Анын негизинде иш берүүчүлөрдүн сунуштарын, талаптарын эске алуу менен жаңы окуу пландар, календардык-тематикалык пландар түзүлөт. Бул багытта программа боюнча өтүлүүчү дисциплиналардан УМКларды (жумушчу программа, календардык-тематикалык план) түзүүдө иш берүүчүлөрдөн, башка колледждерден рецензиялар алынган .

*Тиркеме 1.7.: Окутуучулардын окуу-усулдук комплекстери (тандалма)*

*Тиркеме 1.8.: Ачык сабактын иштелмеси(тандалма)*

*Тиркеме 1.9.:Ачык сабакты талкуулоонун токтому(тандалма)*

**1.5. Билим берүү программасы инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык методдорду,формаларды жана технологияларды колдонот;**

Колледждин ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыттарынын бири илимий-изилдөө иштери болуп саналат, ал профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууга да, окуу процессинин сапатын жогорулатууга да өбөлгө түзөт. Педагогикалык усулдарды тандоодо билим берүүдө коюлган максаттарга жетүү, тиешелүү компетенцияларды, дисциплинанын окутуунун натыйжаларын калыптандыруу, билимди баалоонун түрдүү формалары (онлайн окутуу жана баалоо) жана студенттерди шыктандыруу негизги принциптери болуп саналат.

Ошондой эле ар бир сабакты, дисциплинаны жакшыртуу үчүн кайтарым байланыштарын пайдаланат. Окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн, программада "мээ чабуулдары", бизнес-оюндар, кейс-стади, дискуссиялар, чакан жана чоң топтордо иштөө, Интернет-ресурстар (класстык сессиялар, аудио жана видео материалдар менен иштөө, компьютердик жана мультимедиа программалары), мастер-класстар, ролдогу тренинг, дидактикалык материалдарды колдонуу, текстти окуу жана комментарийлер менен иштөө колдонулат. Алдын ала бекитилген график боюнча ачык сабактар өтүлөт (Тиркеме 1.11.).

Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формасы жана жаны технологияларды колдонуунун натыйжалуулугун баалоо үчүн, студенттер менен кайтарым байланышты чыңдоо жана бекемдөө максатында анкеталар алынган.

Педагогикалык жаңычыл усулдарды колдонуу менен студенттерди өз алдынча изденүүгө жана сабактарга активдүү катышууга, жаңычыл ойлонууга жана окуутуунун натыйжаларына жетүүгө, баалоодо деңгээлдик тапшырмаларды түзүү өздөштүрүлдү.

Кайтарым байланышты жүргүзүү жана анкеталарды алуу, алардын жыйынтыктарын талдоо колледждин усулдук кеңешмесинде талкууланат.

*Тиркеме 1.10.: Окутуучулардын сертификаттарынын көчүрмөсү.*

*Тиркеме 1.11.: Ачык сабактардын графиги*

**1.6. Билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктайт жана кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштурат;**

Студенттердин катышуу, жетишүүсүн сабактардан алган жогорку баалары жана башка критерийлери менен тандалат. Колледждин дирекциясы тарабынан системалуу түрдө студенттердин сабакка катышуусу көзөмөлдөнүп, директордун кеңешмесинде маалымат берилип, кураторлор жана предметниктерге жеткирилип, кураторлук сааттарда

талкууланып турат жана ар бир семестрдин аягында студенттердин окуудан четтетүүсүнүн себептерине анализ жасалып отчет берилет.

Студенттин билиминин натыйжаларына жетишүү үчүн, билим берүү программасы окутуунун бардык формаларын жана методдорун камтыйт. Ар бир дисциплинаны окутууда колдонулган окутуунун усулдары жана формалары жөнүндө маалымат сабактын жумушчу программаларында жана окуу программаларында, ошондой эле дисциплиналардын анкеталарында камтылган.

Ал маалымат менен таанышуу үчүн www.oshtu.kg сайтына "Univer + " порталына кирип көрүүгө болот. Студенттер окутуучуларга электрондук почта аркылуу кайрылып тиешелүү суроолорду берсе болот. ОшТУнун сайтында, билим берүү порталында студенттер ошондой эле сырттан окуу бөлүмүндө окугандар колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ электрондук библиотека бар.

Университетте окуган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн атайын окутуунун ыңгайлаштырылган ыкмалары каралган. Окуу процесси жүрүп жаткан учурда үндөрдү күчөтүүчү жабдуулар колдонулат. Учурдагы жана жыйынтыктоочу экзамендерди ДМЧА алууда психофизикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу оозеки, жазуу түрүндө кагазда, компьютерден тестирлөөдө негизги убакыттан сырткары да кошумча убакыттар берилет. Атайын ДМЧА үчүн өздүк окуу пландар түзүлүп, өздүк графиктери менен сабакка катышуулары көрсөтүлүп, өзгөчөлөнгөн ыкмалар колдонулуп, аларды академиялык тайпалардын курамы кошуп же өз алдынча, керек болсо үйлөрүнө барып же дистанттык технологияны колдонуп, билим берүүгө шарттар каралган. Эгерде ДМЧА өндүрүштүк практикаларын өтөө боюнча жеңилдетүүлөрдү сураса, кафедра тарабынан кол кабыш көрсөтүлөт.

**1.7. Билим берүү программасы анын актуалдуулугун камсыз кылуу үчүн илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиндердин мазмунуна мониторинг жүргүзүүгө жана жыл сайын баалоого тийиш.**

Билим берүү ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү ОПУжББСД жана ПЦБ тарабынан ишке ашырылат. Ал максатта ОПУжББСДнын адистери, окуу жадыбалынын негизинде жума аралыгында институттардагы жана Гуманитардык технологиялык колледждеги сабактардын өтүлүүсүн текшеришип, камера аркылуу көзөмөлдөп турат. Ага катар окутуучулар да тайпалык журналда студенттердин катышуусун белгилешет. Студенттердин иш кагаздарынын кыймылы, ведомостторунун толтурулушу, курстан курска көчүрүү, практикаларга чыгаруу, мамлекеттик экзамендерге кийирүү буйруктарын

даярдоо жана көзөмөлдөө дирекция тарабынан жүргүзүлөт. ПЦБнын окутуучуларынын ОУКнин тартиби, даярдалуучу окуу-методикалык көрсөтмөлөр, ачык сабактардын темаларынын дал келиши көзөмөлгө алынат.

Студенттердин ар семестрде бир жолу кесиптик предметтерди өздөштүргөнүн текшерүү максатында билимдерин баалоо иштери өткөрүлөт. Башкача айтканда өтүлгөн материалдардан семестр ичинде эскертүүсүз кирип экзамендер алынат.

Университетте кесипке багыт берүү ишин эффективдүү жүргүзүү максатында кабыл алуу комиссиясы жыл бою иш-чараларды жүргүзөт, ал өз ишинде басма маалымат, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет, мобилдик жана социалдык тармактар, талаа иштери, жолугушуулар сыяктуу иш формаларын колдонот.

Акыркы жылдарда сапатты камсыздоо саясатын ишке ашыруу университеттин беделине таасирин тийгизди, бул жергиликтүү калктын жана билим берүү кызматтары рыногунун субъектилеринин университетке болгон ишенимин жогорулатты. ОшТУну Кыргызстандагы жападан жалгыз технологиялык университет катары чындап көрсөтүү үчүн салттуу ресурстардан тышкары коомчулук менен байланыш (PR-компаниялар) үчүн имидж жана маркетинг иш-чаралары колдонулат.

Орто кесиптик билим беруу илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эсепке алып, билим берүүнүн сапатын камсыздоонун сунуштарына (рекомендация) таянуу менен жаңылоого милдеттүү, төмөнкүлөрдү ичине камтыйт:

- мониторинг, билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоо;
- макулдашылган так критерийлердин негизинде бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын, билим алуучулардын билим жана билгичтик деңгээлин обьективдүү баалоо процедураларын иштеп чыгуу;
- окутуучулар курамынын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо;
- ишке ашырылуучу адистикти жетиштүү ресурстар менен камсыздоо, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, анын ичинде билим алуучулардан сурамжылоо жүргүзүүнү камсыздоо;
- макулдашылган критерийлер боюнча өзүнүн ишмердигин баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу үчүн өзүн өзү иликтөөнү регулярдуу өткөрүү;
- өзүнүн ишмердиги, пландары, инновацияларынын натыйжалары тууралуу коомчулукка маалымдоо.

*Тиркеме 1.12.: Сапат боюнча кеңештир курамын түзүү боюнча буйрук.*

*Тиркеме 1.13.:Сапат боюнча кеңештин иш планы*

*Тиркеме 1.14.: ОшТУнун окуу процессин уюштуруу жана билим беруунун сапаты департаментинин иш пландарынын көчүрмөсү.*

**Биринчи стандарттын жыйынтыгы:**

***Кучтуу жактары:***

- Окуу жайдын максаттары жана маселелери так аныкталган сапат боюнча саятаты иштелип чыккан

- Билим берүүнүн сапатын баалоо процедурасында бардык кызыкдар тараптардын тартылуусу

***Алсыз жактары:***

-

## СТАНДАР 2. ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ТААНУУ

Билим берүү уюмдарында студенттерди окутуунун бардык мезгилдерин кабыл алуу, окуу жетишкендиктерин колдоо , квалификациясын таануу жана студенттерди бүтүрүү боюнча бекитилген, жарыяланган эрежелер болушу керек.

**2.1.Эрежелеринин жана процесстеринин ачык-айкындыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат**

Студенттин билиминин натыйжаларына жетишүү үчүн, билим берүү программасы окутуунун бардык формаларын жана методдорун камтыйт. Ар бир дисциплинаны окутууда колдонулган окутуунун усулдары жана формалары жөнүндө маалымат сабактын жумушчу программаларында жана окуу программаларында, ошондой эле дисциплиналардын анкеталарында камтылган.

Ал маалымат менен таанышуу үчүн www.oshtu.kg сайтына “Univer + ” порталына кирип көрүүгө болот. Студенттер окутуучуларга электрондук почта аркылуу кайрылып тиешелүү суроолорду берсе болот. ОшТУнун сайтында, билим берүү порталында студенттер ошондой эле сырттан окуу бөлүмүндө окугандар колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ электрондук библиотека бар.

Кайтарым байланышты жүргүзүү жана анкеталарды алуу, алардын жыйынтыктарын талдоо колледждин усулдук кеңешмесинде талкууланат.

Студенттер экзамендин жыйынтыгына канааттанбаган учурда же канааттанбаган ар кандай жагдайларда окуу учурунда өздөрүнүн кураторуна, кафедранын, колледждин, университеттин жетекчилигине арыз берүүгө, даттанууга укуктуу. Студенттердин экзамендердин жыйынтыгы боюнча кайрылууларына жана даттанууларына жооп берүүнүн иштелип чыккан жана күчүнө кирген.

Ошондой эле кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын география жана Кыргызстандын тарыхы дисциплиналарынан комплекстүү мамлекеттик сынакты ачык-айкын жана объктивдүү баалоону камсыздоо максатында компьютердик тестирлөөдөн өтүшөт. Тестирлөө жана тесттин жыйынтыгы ошол эле учурда жетекчилик тарабынан онлайн режимде көзөмөлдөнүп турат. Өзгөчө басым жасай турган жагдай ар бир студент үчүн комплекстик мамлекеттик сынакты тапшырганга чейин алдын ала 10 жолу тест тапшыруу мүмкүнчүлүгү бар.

Учурдук, аралык жана жыйынтык текшерүүнүн ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн камсыздоо үчүн тестирлөөнү уюштурууда Univer + тест системасы колдонулат.

*Тиркеме.2.1.: Ишеним кутуча.*

**2.2. Билим берүү программасы билим алуучуларга билим берүү траекториясын калыптандырууга (тандоого), академиялык мобилдүүлүккө жана карьералык өсүшкө жардам берет.**

Окутуунун жаңы инновациялык методдору менен технологияларын өздөштүрүү жана тажрыйба алмашуу максатында университетте педагогикалык кадрлардын академиялык мобилдүүлүгү жүргүзүлөт. Академиялык мобилдуулук - бул жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын окутуучуларынын жана студенттеринин белгилуу бир мезгил аралыгында башка окуу жайларга которулуусу. Гуманитардык-технологиялык колледждин студенттеринин копчулугу жашы жете элек болгондугуна байланыштуу ПЦБда көпчүлүк учурда ички мобилдүүлүк өнүккөн. ПЦБда профессордук - окутуучулук курам менен алмашуу жөнүндө келишимдер : Ош соода колледжи, ОшМУнун финансы-юридикалык колледжи, ОшМПУнун колледжи жана К. Тыныстанов Ысык-Кол мамлекеттикуниверситетинин колледжи менен түзүлгөн. Академиялык мобилдуулук окутуучуларга белгилуу академиялык мезгилде башка окуу жайда тажрыйба алмашууга зор мүмкүнчүлүк бергендиктен, 2023-2024-окуу жылында ОшТУнун ГТКнын Экономика ПЦБсына К. Тыныстанов Ысык-Кол мамлекеттик университетинин колледжинин социалдык-экономикалык дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Сарбанова Арча Асангазиевна, окутучулары Мусуралиева Дамира Тентиевна, Мурзаканова Нургул Абдыевна колледждер аралык түзүлгөн келишимдин негизинде академиялык мобилдүүлүк боюнча келишип окуу жай менен кенен таанышып чыгышты. Келген делегация Гуманитардык-технологиялык колледждин Экономика ПЦБнын студенттерине «Эсептер жана кош жазуу», «Ишкердиктин негиздери»жана «Финансылык сабаттуулук»деген темаларда конок лекция өтүштү.

2022-жылдын 21-апрелинде ПЦБнын окутуучусу Бекмуратова Асель Асанбековна Ош соода колледжинде аудит предметинен «Аудиттин түрлөрү жана принциптери» деген темада конок лекция өтүп келди. Ошол эле жылдын жылдын 26-апрелинде ПЦБнин окутуучусу Кадырбаева Айгерим Эрмекбаевна Ош соода колледжинде финансыны уюштуруу жана башкаруу предметинен, «Ишкананын айланма каражаттары жана фонддору» деген темасында конок лекция өттү.

2024-жылдын 13-февраль күнү ПЦБнын окутуучусу Моминова Лола Кочкорбаевна Ош мамлекеттик университететинин STEM колледжинде ички мобилдүүлүктү өнүктүрүү максатында «Коомдук өндүрүш жана анын факторлору» деген темада студенттерге конок лекция өтүп келди. (Тиркеме 2.1.)

Академиялык мобилдуулук программасынын негизинде кыска моонотко Гуманитардык-технологиялык колледжинин Экономика ПЦБнын студенттери Ош Соода-экономикалык колледжине окууга жиберилген. (Тиркеме 2.2.)

ОшТУнун карьера борбору тарабынан жыл сайын “Бош орундар жарманкеси” уюштурулат. Ага шаардык жана райондук билим берүү мекемелеринен (уюмдарынан) өкүлдөр катышып, жумуш орундары жөнүндө маалыматтарды беришет. Мындай иш-чараларга бүтүрүүчү курстун студенттери катышып бош жумуш орундары жөнүндөгү маалыматтарды алышат. Көрсөтүлгөн багыттар боюнча маалымат окуу жайдын сайтында жайгаштырылган.

2023-жылдын 27-апрель күнү ОшТУнун башкы корпусунда Карьера борбору жана Ош шаардык калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгы менен биргеликте “Бош орундар жарманкеси-2023” өткөрүлдү. Бул жарманкеге Ош облусунун, Ош шаарынын аймагындагы жана Кыргызстандын аймагындагы 4000ден ашуун бош орундар сунушталды.

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча ) адистигин бүтүргөн студенттердин басымдуу бөлүгү ишке жайгашып, андан ары билимдерин жогорулатыш үчүн ЖОЖ дордо сырттан окуу бөлүмдөрүндө билим алышат.

Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясынын / бирикмесинин болушу маанилүү фактор болуп саналат.

ОшТУнун Карьера борборунун жана бүтүрүүчүлөрдүн демилгеси менен “Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы” түзүлгөн. Бул ОшТУнун ар кандай муундагы бүтүрүүчүлөрдүн бирикмеси. Бул бирикме атайын бүтүрүүчүлөр үчүн жолугушууларды өткөрүп турушат. Анда негизинен бир жылдык бекитилген иш план боюнча иштерди алып барышат. Ошондой эле бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылууга көмөктөшөт.

*Тиркеме 2.3 ОшТУнун бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу боюнча иш планы*

*Тиркеме 2.4 ОшТУнун “Бош орундар жарманкеси-2023” программасы жана сүрөттөр*

*Тиркеме 2.5 Билимин жогорулатып жаткан студенттердин окуу карточкасы.*

*Тиркеме 2.6 Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча маалымат.*

*Тиркеме 2.7 .- сүрөттөр*

*Тиркеме 2.8. Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясынын жоболору*

*Тиркеме 2.9. Бүтүрүүчүлөр ассоциасынын кеңешинин иш планы*

**2.3. Билим берүү программасы мурунку билим берүүнүн квалификациянын, мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдүү таанууну камсыз кылат.**

Студенттерди ОшТУга которуу окуу семестринин башында, эгерде студентти кызыктырган адистик боюнча тиешелүү курста бош орундар болсо, окуу акысын толук төлөп берүү менен келишимдик негизде жүргүзүлөт.

Университет окуу курсуна жана окуу формасына, студент которулган негизги билим берүү программасынын түрүнө байланыштуу чектөөлөрдү белгилебейт. Окуунун биринчи жана акыркы курсунда студенттерди которуу жүргүзүлбөйт.

Студенттин окууну улантуу үчүн бир КООЖдон башка КООЖго которуу, анын ичинде бир негизги билим берүү программасынан адистиктин экинчисине өтүү менен коштолгон окуунун бардык формаларына, ошондой эле аларды өзгөртүү жеке арызы менен ишке ашырылат. Студенттин арызы кабыл алуу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн ректорго жөнөтүлөт. Арызга транскрипт (упайлар барагы) тиркелет.

Которуу жана тикелөө комиссиясы окуу иштери боюнча проректордон (комиссиянын төрагасы), окуу бөлүмүнүн башчысынан , колледждин директорунан жана окуу бөлүмүнүн кызматкерлеринен, комиссиянын катчысынан түзүлөт.

Которуу жана тикелөө комиссия студенттин арызын, арыз берилген күндөн тартып 10 күндүн ичинде, бирок сабактар башталгандан кечиктирбестен карайт.

Анын жыйынтыгы боюнча кээ бир дисциплиналар студентке кайра кредиттелиши мүмкүн болбогондо же окуу пландарындагы айырмачылыктарга байланыштуу, окулбаган дисциплиналар (сабактардын бөлүмдөрү) табылганда, студент аларды тапшырууга, башкача айтканда академиялык айырманы жоюуга милдеттүү. Бул үчүн кабыл алуучу колледж студенттин жеке окуу планын иштеп чыгат жана бекитет, анда окула турган дисциплиналардын (же алардын бөлүмдөрүнүн) тизмеси, алардын көлөмү жана экзамендерди/тесттерди тапшыруунун белгиленген мөөнөттөрү камтылууга тийиш. Окуу жылынын ичинде академиялык айырмачылыктар жоюлушу керек.

*Тиркеме 2.10. ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжине студенттерди кочуруу жана тикелоо тартибинин көчүрмөсү.*

**2.4. Билим берүү программасы окуудан өткөн жана күтүлгөн окуу натыйжаларына жетишкен студентерге жетишилген окутуунун натыйжаларын, ошондой эле УКАнын белгилүү деңгээлине ылайык мазмунун жана квалификациясын тастыктаган билим берүү документи менен камсыз кылууга тийиш.**

ОшТУнун Гумнитардык-технологиялык колледжи 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча ) адистерди 2009-жылдан бери даярдап, бүтүрүп келе жатат. Бүтүрүүчү тайпанын студенттери окуу пландагы бардык жүктөмдөрдү аткаргандан кийин, Мамлекеттик аттестация б.а. “Кыргызстан тарыхы, кыргыз тили жана адабияты, кыргызстандын географиясы” жана “Адистик боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу” экзамендерди ийгиликтүү тапшырышса, бүтүрүүчүлөргө орто кесиптик билим берүү программасынын үлгүсүндө “Бухгалтер”, “Менеджер” квалификациясы ыйгарылат жан окууну аяктагандыгын тастыктоочу диплом берилет.

Негизги билим берүү программасы максаттарды, күтүлүп жаткан натыйжаларды, мазмунду, окуу процессин ишке ашыруунун шарттарын жана технологияларын, тигил же бул адистик боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана төмөнкүлөрдү камтыйт: окуу планы, окуу курстарынын календардлык-тематикалык планы, окуу предметтери; студенттерди даярдоонун сапатын камсыз кылуучу дисциплиналар (модульдер) жана башка материалдар, ошондой эле окуу жана практикалык окуу программалары, тийиштүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыз кылуучу окуунун календардык графиги жана окуу-методикалык материалдар.

Бүтүрүүчүлөрдү даярдоо төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт::

-компетенттүүлүк ыкмасынын негизинде практикалык багытталган окутууну өнүктүрүү;

-академиялык мобилдүүлүктү камсыз кылуу максатында студенттердин жетишкендиктерине кредиттик системаны жана модуль-рейтингдик баалоону колдонуу;

-бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгүнө жетишүүнү баалоо жана контролдоо системасынын алардын келечектеги кесиптик ишинин шарттарына ылайык келиши;

-бүтүрүүчүнүн кесиптик жана социалдык активдүүлүгү;

-даярдоо багыты боюнча эл аралык кызматташтык.

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча ) адистиктери боюнча НББПнын ОКББ чөйрөсүндөгү окутуунун максаттары:

- тандалган чөйрөдө уруксат берилген бүтүрүүчүгө ийгиликтүү иштөө, универсалдуу жана предмет-специализациялоо компетенциясына ээ болуу, рыноктук эмгектеги туруктуулук жана анын социалдык мобилдүүлүгүнө жардам берүүчү орто кесиптик билим алуу.

- студенттин инсандык сапаттарын калыптандыруу: максатка умтулуучулук, уюштуруучулук, эмгекти сүйүү, жоопкерчилик, граждандуулук, патриоттуулук, коммуникативдүүлүк, сабырдуулук (толеранттуулук), жалпы маданиятын жогорулатуу.

Билим берүү процессин жакшыртуу максатында Экономика ПЦБсы башка ПЦБлардын адистикке сабак берген окутуучулар жана иш берүүчүлөр менен биргелешкен семинарлар өтүлгөн. Иш берүүчүлөр жана кызыкдар тараптар тарабынан да жогоруда аталган Универ+ программасы тарабынан студенттердин жетишүүсүн көзөмөлдөөгө болот. Анын негизинде иш берүүчүлөрдүн сунуштарын, талаптарын эске алуу менен жаңы окуу пландар, календардык-тематикалык пландар түзүлөт. Бул багытта программа боюнча өтүлүүчү дисциплиналардан УМКларды (жумушчу программа, календардык-тематикалык план) түзүүдө иш берүүчүлөрдөн, башка колледждерден рецензиялар алынган .

Иш берүүчүлөрдөн алынган сурамжылоолордун жыйынтыгын жана педкеңештин чечимин эске алып, мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык программадан күтүлүүчү натыйжалар жана комптенциялар төмөнкү тартипте иштелип чыгылды.

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча ) орто кесиптик билим берүүнүн. Негизги кесиптик билим берүүнүн программасындагы (ОКБ, НКБП) окутуунун жыйынтыгы (ОЖ):

**ОЖ1=(ЖК1+ЖК4+ЖК9+ЖКК1+ЖКК3)**

**ОЖ$_1$** – Өзүнүн оозеки жана жазуу жүзүндөгү сөзүн мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде кесиптик баарлашуу деңгээлинде логикалык жактан кура алат. Өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын жана ыкмаларын тандап алууну, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билет, кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык – коммуникациялык технологияларды колдоно алат.

**ОЖ2=(ЖК9+ЖКК2+ЖКК3)**

**ОЖ$_2$** – Тарыхый процесстердин себеп-натыйжа байланыштарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн табууга, талдоого жөндөмдүү; элдик оозеки чыгармачылыктын шедеврлеринин, адамзаттын эпикалык мурасынын арасында "Манас" эпосунун ордун жана маанисин түшүндүрүүгө жөндөмдүү.

**ОЖ3=(ЖК3+ЖК7+ЖКК2+ЖКК4+ЖКК6)**

**ОЖ$_3$** – Кесиптик ишмердүүлүктө ишкердик билимди жана көндүмдөрдү колдоно алат. Экологиялык мониторинг иш-чараларын жүзөгө ашырууга жана жаратылыш чөйрөсүн сактоо боюнча практикалык иш-аракеттерди иштеп чыгууга жөндөмдүү

**ОЖ4=(ЖК3+ЖК4+ЖК4+ЖКК5)**

**ОЖ4** – Кесиптик маселелерди чечүү үчүн математикалык ыкмаларды колдоно алат, кесиптик ишмердүүлүктө заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдоно алат.

**ОЖ5=(ЖК1+ЖК5+ЖК8+ЖК9+ЖК10)**

**ОЖ5** – Өз ишин жана чакан топтун ишин уюштурууга, башкарууга, командада иштөөгө жана жоопкерчиликти алууга жөндөмдүү.

**ОЖ6=(ЖК8+ЖК10+КК1.3+КК1.4)**

**ОЖ6** – Экономикалык билимдердин негиздерин иштин ар кандай түрлөрүндө колдоно билүү жана чакан коллективдер менен уюштуруучулук жана башкаруучулук иштерге даяр боло алат. Стандарттык методдордун жана учурдагы ченемдик-укуктук базанын негизинде уюмдун негизги экономикалык көрсөткүчтөрүн эсептей алат жана жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу менен уюмдун ишинин финансылык натыйжасын аныктай алат.

*Тиркеме 2.11. “Положение об итоговой государственной аттестации выпускников” жобо.*

*Тиркеме 2.12. Мамлекеттик сынактардын графиктери*

*Тиркеме 2.13. Бүтүрүүчүлөргө квалификация ыйгаруу жөнүндө буйрук.*

*Тиркеме 2.14. Бүтүрүүчүлөрдүн дипломдорунун копиясы*

***Кучтуу жактары*:**

- 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча ) адистиктерин даярдоо жакшы жолго коюлган жана иш берүүчүлөр менен тыгыз байланыш түзүлгөн;

- жыл сайын иш берүүчүлөр жана кызыкдар тараптар менен жолугушуу жакшы жолго коюлган;

- Окуу жайдын өзүнүн кызматкерлери тарабынан иштелип чыккан «UNIVER+» жеке маалыматтык системанын болушу

## СТАНДАРТ 3. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ ЖАНА БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ АЛУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Билим берүү уюму билим берүү программаларына туруктуу мониторингди жана мезгил-мезгил менен баа берүүнү жүргүзүүгө, алардын максаттарына жетүү, студенттердин жана коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кайтарым байланыш механизмин (суроо, интервью, студенттерди, негизги иш беруучулорду сурамжылоо) колдонууга милдеттүү. Бул процесстердин натыйжалары программаларды тынымсыз жакщыртууга алып келиши керек. Пландаштырылган жана аткарылуучу иш-чаралар жөнүндө маалымат бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү болушу керек. Билим берүү уюмдары билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу үчүн тышкы процедуралардан өтүшү керек.

**3.1. Билим берүү программасы педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн студенттердин үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонот.**

Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында окутуучулар инновациялык, интерактивдик, классикалык технологияларды сабактарда кенири колдонушат. Ошондой эле мезгилдин талабына ылайык билим берүү программаны өнүктүрүү үчүн инновациялык жаны үлгүдөгү технологияларды пайдаланышат: интерактивдүү доска, проекторлор, ноутбуктар ж.б. компьютердик аудиториялар бар, аны программанын студенттери пайдалана алат жана жаңы методдор менен жасалган көрсөтмө куралдар даярдалган. Ошол эле учурда мурдатан колдонулуп келген өз-ара сабакка катышуу менен жаш окутуучуларга көп жылдык стажга ээ болгон окутуучулар өзүнүн билимин, усулдарын үйрөтүшүп алардын педагогикалык тажрыйбасын өркүндөтүшөт. Студенттердин билимин арттыруу жана окууга шыктандыруу максатында конок лекциялар, тегерек стол, дискуссиялар кеңири колдонулат. (*Тиркеме 3.1.)*

ГТКнын Экономика предметтик-циклдик бирикмеси жана “Кыргызстан” камсыздандыруу компаниясынын Түштүк аймактык филиалы менен биргеликте 2023-жылдын 1-ноябрь күнү студенттер үчүн “Конок лекция” уюштурулду. Иш чарага аталган компаниянын директору Мыктыбек Осмоналиев чакырылып экономика багытында окуп жаткан студенттерге “Камсыздандыруу компанияларынын бүгүнкү абалы жана өнүгүү перспективасы” деген темада лекция окуду. Мындан сырткары Экономика жана Коммерция Министирлигине караштуу Финансылык көзөмөл кызматынын Түштүк аймактык башкармалыгы менен да конок лекциялар уюштурулган. Анын алкагында аталган Башкармалыктын башчысынын орун басары Эркинбаев Үмөтаалы менен жетектөөчү адиси Камилов Бекзат тарабынан “Баалуу кагаз рыногун мамлекет тарабынан жөнгө салуу” деген

темада  жана башкармалыктын башчысы Зулпукаров Тимур - “Камсыздандыруу ” деген темада лекция окушту.

Жогоруда келтирилген ыкмалар менен формалар студенттердин билим берүү процессине кызыгуусун арттырат жана билим берүү программасынын натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылат.

Колледждин ишмердүүлүгүнүн маанилүү багыттарынын бири илимий-изилдөө иштери болуп саналат, ал профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууга да, окуу процессинин сапатын жогорулатууга да өбөлгө түзөт. Педагогикалык усулдарды тандоодо билим берүүдө коюлган максаттарга жетүү, тиешелүү компетенцияларды, дисциплинанын окутуунун натыйжаларын калыптандыруу, билимди баалоонун түрдүү формалары (онлайн окутуу жана баалоо) жана студенттерди шыктандыруу негизги принциптери болуп саналат.

Ошондой эле ар бир сабакты, дисциплинаны жакшыртуу үчүн кайтарым байланыштарын пайдаланат. Окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн, программада "мээ чабуулдары", бизнес-оюндар, кейс-стади, дискуссиялар, чакан жана чоң топтордо иштөө, Интернет-ресурстар (класстык сессиялар, аудио жана видео материалдар менен иштөө, компьютердик жана мультимедиа программалары), мастер-класстар, ролдогу тренинг, дидактикалык материалдарды колдонуу, текстти окуу жана комментарийлер менен иштөө колдонулат. Алдын ала бекитилген график боюнча ачык сабактар өтүлөт. (*Тиркеме 3.3.)*

Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формасы жана жаны технологияларды колдонуунун  натыйжалуулугун баалоо үчүн,  студенттер менен кайтарым байланышты чыңдоо жана бекемдөө максатында анкеталар алынган.

Педагогикалык жаңычыл усулдарды колдонуу менен студенттерди өз алдынча изденүүгө жана сабактарга активдүү катышууга, жаңычыл ойлонуугa жана окуутуунун натыйжаларына жетүүгө, баалоодо деңгээлдик тапшырмаларды түзүү өздөштүрүлдү.

Кайтарым байланышты жүргүзүү жана анкеталарды алуу, алардын жыйынтыктарын талдоо  колледждин усулдук кеңешмесинде талкууланат.

*Тиркеме 3.1. Конок лекциялардын протоколдору, сүрөттөрү*

*Тиркеме 3.2.: Окутуучулардын сертификаттарынын көчүрмөсү.*

*Тиркеме 3.3.: Ачык сабактардын графиги*

**3.2. Билим берүү программасы баалонун критерийлеринин жана методдорунун, контролдоонун күтүлүп жаткан түрлөрүнүн, баалонун натыйжаларына аппеляция берүү жол-жоболорунун жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылат.**

Баалоонун чен-өлчөмдөрүн студенттерге маалымдоо максатында окуу жылынын башында студенттерге бардык дисциплиналардан маалыматтар берилет. Дисциплинанын жумуш программасында тематикалар, текшерүүлөрдүн формалары, тапшыруу мөөнөтү жана компетенциялар картасы берилет.Ошондой эле ар бир дисциплина боюнча учурдук, аралык жана жыйынтык текшерүүдө студенттердин билим деңгээлин аныктоо үчүн ар бир теманы текшерүүнүн формалары, ыкмалары белгиленип, студенттин өз алдынча ишинин тематикалары берилип аны тапшыруунун формалары жана мөөнөтү так көрсөтүлгөн.

Баалоо жол-жоболору, текшерүүлөр жана студенттерге карата талаптар, боюнча толук маалымдоо алуу үчүн Univer + системасына жүктөлгөн жумушчу программа жана баалоо каражаттарынан көрө алышат.

Студенттердин билимин баалоо объективдүүлүк жана акыйкаттуулук принциптеринин негизинде бардык тараптан анализделип, модулдук-рейтингдик системанын жобосуна ылайык кошумча баллдардын жыйынтыгы менен коюлат. Баалоодогу жумшартуучу жагдайлар эске алынуу менен модулдук-рейтингдик жумада белгиленген күнү алынган аралык текшерүүдө жетишээрлик балл топтой албаган студенттер үчүн ошол жума ичинде тапшыруу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Студенттерден өтүлгөн сабактар боюнча экзамендерди кабыл алууда контролдук суроолор жана тесттер колдонулат.

Эгерде студент экзамен же зачет учурунда өзү алган баага канааттанбаса же макул болбосо, анда ал өз арызынын негизинде директордун уруксаты менен ошол сабак боюнча түзүлгөн комиссияга кайрадан тапшыра алат. Ал эми ден-соолугуна же башка жүйөлүү себептер менен экзаменге келбеген студенттер үчүн да кошумча шарттар каралган.

Студенттердин бардык топтолгон баллдары Универ+ электрондук порталында катталып, баллдарды предметниктер тарабынан өзгөртүү мүмкүн эмес.

Жумуш программа жана баалоо каражаттар фонду университеттин окуу-усулдук комлексти иштеп чыгуу боюнча №11-бюллетенине ылайык түзүлүп, бекитилет. Ошондой эле баалоонун балл -рейтинг системасы колдонулуп, сабактын ар тибине (лекциялык сабак, семинар, практикалык сабактарга, өз алдынча иштерге) ылайык балл бөлүнүп коюлган.

Университетти жана колледждин апелляциялоонун жобосуна ылайык баалоодогу жумшартуучу жагдайлар эске алынуу менен модулдук-рейтингдик жумада белгиленген

күнү алынган аралык текшерүүдө жетишээрлик балл топтой албаган студенттер үчүн ошол жума ичинде тапшыруу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Колледжде кааналардын 80%да видео көзөмөлдөр (үн менен жазуучу) орнотулган, алар түздөн-түз университеттин окуу-информациялык департаментинин жетекчилиги жана колледждин директорунун көзөмөлүндө.

Студенттерди баалоодо ачык айкындуулукту камсыздоо максатында ар бир семестрдин аягында "Окутуучу студенттин көзү менен" аттуу анкета алынат.

Анкетирлөө анонимдүү болгондугуна байлныштуу, студенттер окутуучулар тарабынан жол берилген терс көрүнүштөр жөнүндө (пара алуу ж.б, объективдүү эмес баалоо,ж.б.) маалыматтарды кенен жаза алышат. Анкетирлөөнүн жыйынтыгы менен окутуучулардын ачык-айкын жана объективдүү баалоосун боюнча педагогикалык кеңеште каралып, тиешелүү чечимдер кабыл алынат.

Ошондой эле кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын география жана Кыргызстандын тарыхы дисциплиналарынан комплекстүү мамлекеттик сынакты ачык-айкын жана объктивдүү балоону камсыздоо максатында онлайн режимде компьютердик тестирлөөдөн өтүшөт. Тестирлөө жана тесттин жыйынтыгы ошол эле учурда жетекчилик тарабынан онлайн режимде көзөмөлдөнүп турат. Өзгөчө басым жасай турган жагдай ар бир студент үчүн комплекстик мамлекеттик сынакты тапшырганга чейин алдын ала 10 жолу тест тапшыруу мүмкүнчүлүгү бар.

Учурдук, аралык жана жыйынтык текшерүүнүн ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн камсыздоо үчүн тестирлөөнү уюштурууда Univer + тест системасы колдонулат.

*Тиркеме 3.4. "Окутуучу студенттин көзү менен"анкетирлөө 2 9 - б ю л л е т е н ь .*

*Тиркеме 3.5 ОшТУнун окуу усулдук комплексти иштеп чыгуу жөнүндөгү 11-бюллетень*

*Тиркеме 3.6. Жумушчу программа(тандалма)*

**3.3. Билим берүү программасы билим алуучулардын окуусун таштап кетүү себептерине дайыма талдоо жүргүзөт, алардын окуудагы жетишкендиктери жана бекемделиши боюнча чараларды көрөт.**

Колледждин дирекциясы тарабынан системалуу түрдө студенттердин сабакка катышуусу көзөмөлдөнүп, директордун кеңешмесинде маалымат берилип, кураторлор жана предметниктерге жеткирилип, кураторлук сааттарда талкууланып турат жана ар бир семестрдин аягында студенттердин окуудан четтетүүсүнүн себептерине анализ жасалып отчет берилет .

Жалпысынан алганда, студенттердин окуудан четтетилүүсүнүн себеби болуп келишимдик акы төлөмдөрүн төлөө кыйынчылыгы, алардын билим деңгээлинин төмөндүгү, сабакка катышуунун начардыгы, түрдүү турмуштук шарттары эсептелинет. Окуу жайдын студенттерге женилдиктерди берүү боюнча жоболоруна ылайык жыл сайын октябрь-февраль айларында студенттердин социалдык-материалдык абалы иликтенип, турмуш шарты оор жана толук эмес үй-бүлөдөгү студенттерге келишимдик акы төлөөдөн жана сабактарга катышуу боюнча жеңилдиктер берилет.

Колледжде өтүлүүчү сабактардан студенттердин жетишүүсү жана окуудан четтетүүсүнүн себептери талдоого алынып, иш чаралар бекитилет. Жетишүүсү төмөн студенттердин билим деңгээлин жогорулатуу үчүн ар бир адистик боюнча ийримдердин пландары иштелип чыгып, ага ылайык жетишпеген студенттерге кошумча сабак өткөрүлөт. Бардык ПЦБларда дисциплиналардын багыттары боюнча илимий ийримдер түзүлгөн. Андан сырткары ПЦБда окутуучулар кезметчилик күнүндө өз дисциплиналары боюнча жетишпеген студенттер менен жеке иштерди алып барышат.

Студенттердин катышуу, жетишүүсүн сабактардан алган жогорку баалары жана башка критерийлери менен тандалат. ПЦБнын окутуучулары тарабынан жакшы билимге умтулган студенттерге ар түрдүү шарттар түзүлөт. Мисалы окутуучулар өзү өткөн сабактардан катышуу, жетишүүсү жогору болгон студенттер менен кошумча иштеп, конференцияларда, семинарларда жогору жетишкендиктерге жетишүүдө.

*Тиркеме 3.7. Студенттин арызынын көчүрмөсү(тандалма);*

*Тиркеме 3.8. Буйруктардын көчүрмөсү*

**3.4. Билим берүү программасы билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу жана жеке окуу траекторияларын, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү кызматтарын көрсөтүнүн башка варианттарын пайдалануу менен ишке ашырылат(включая использование электронного,дистанционного технологий обучения);**

Окуу жайдын билим берүү программасы студенттердин муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүн эске алып, топтук жана жекече билим алууга мүмкүнчүлүктөрдү толугу менен бере алат. Мисалы эгерде студент жүйөлүү (оору, үй-бүлөлүк көйгөйлөр) себептер менен сабакты көп калтырган учурлар катталса, анда ага окутуучу өтүлгөн материалдар боюнча жеке өз алдынча иштерди берип, билимин өздөштүрүүгө жардам көрсөтөт.

Билим берүү программасында студенттердин кызыкчылыктары менен максаттары, ошондой эле мүмкүнчүлүктөрү толугу эске алынган,

(“Бухгалтердик эсеп жана аудит” жана “Менеджмент” адистиктери үчүн окутуу 2 формада жүргүзүлөт (күндүзгү жана сырттан окуу)

Андан сырткары академиялык мобилдүүлүк да кафедрада кыйла активдештирилген ( адистик боюнча окуган студенттердин көпчүлүгүнүн жашы жете элегине байланыштуу кафедрада ички мобилдүүлүккө басым жасалган, бул студенттердин тажрыйба алмашуусуна жана практикасына катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат). Адистик боюнча билим алып аткан студенттерге окуу жайдын жетекчилиги жана ПЦБнын окутуучулары тарабынан дайыма колдоо көрсөтүлүп, алар тиешелүү окуу үчүн керектелген ресурстар менен камсыздалган, бул программаны ийгиликтүү өздөштөрүү үчүн сонун мүмкүнчүлүк түзө алат. (ПЦБнын окутуучулары тарабынан жыл сайын бекитилген планга жараша окуу материалдары, макалалар, электрондук жана басма форматта презентациялар) даярдалып турат. Студенттер үчүн онлайн-платформалар (Univer+ программасы), китепканалар (офлайн жана онлайн китепканалар, техникалык каражаттар (компьютер, интерактивдүү панельдер, жогорку ылдамдыктагы интернет), окутуучулар тарабынан колдоо (кенеш берүү, менторство), карьера боюнча кенеш беруу кызматы жеткиликтүү.

ПЦБнын студенттерин окутууда академиялык мобилдүүлүгүн камсыз кылуу максатында, ОшТУнун сайты ачылган, ал жерден кызыкдар тараптар керектүү маалыматтарды алса болот, мындан сырткары билим берүү траекториясынын негизинде өз учурунда тактап баруу максатында окууга катышуу, жетишүү жана билим алуусу боюнча да керектүү маалыматтар камтылган.

*Тиркеме 3.9. Студенттердин өз алдынча иштери(тандалма)*

*Тиркеме 3.10.ПЦБнын иш планы*

### 3.5. Билим берүү программасы окуу жүктөмүнө, билим алуучулардын жетишкендиктерине жана бүтүүсүнө, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзөт.

Билим берүү уюму өз максатына жетүүсү жана студенттер менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана аныктоо үчүн жумуш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды тартып, мезгили менен (бир жылда бир) мониторинг жана баалоо жүргүзүүсү зарыл.

Мониторинг жүргүзүү:

- окутуучулардын (студенттердин) окуу жүгүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө.
- баалоо жол-жоболорунун майнаптуулугуна.

- окутуучулардын (студенттердин) жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына.

- билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине.

- берилүүчү билимдин майнаптуулугун жогорулатуу жана адекваттуулугун аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун. ПЦБнын профессордук-окутуучулук курамынын окуу жүгү, бектилген окуу планынын негизинде түзүлүп окутуучулардын жекече планында сүрөттөлөт.

- окутуучулардын жана студенттердин жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө деканат тарабынан мониторинг жүргүзүлөт.

- студенттердин алган билимин баалоо жол-жоболору ОшТУнун жоболору менен бекитилген жана 100 баллдык негиз менен аныкталат, жыйынтыгында: эң жакшы – 5 (80-100 балл); жакшы – 4 (60-79 балл); канааттандыраарлык – 3 (40-59 балл) жана канааттандыраарлык эмес (0-39 балл) деген бааларды алышат.

- окуу процесси бекитилген окуу планына ылайык жүргүзүлөт жана сабактардын жумушчу пландары шайкеш келет.

- жумуш берүүчүлөрдүн сунушу менен алар тандаган студентке, семестрдин аягында, анын окууга жетишүүсү боюнча маалымат берилип турат. Ал эми бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун ПЦБ жана ОшТУнун карьера бөлүмү тынымсыз мониторинг жүргүзүү менен окуу пландарын түзүүдө, жумушчу программаларды даярдоодо эске алынат. Жыл сайын ОшТУнун карьера борборунун жетекчилиги менен «Бош орундар жарманкеси» өткөрүлүп, ал иш чарага ар бир факультет, гуманитардык-технологиялык колледж да катышып келет.

Univer +да окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү жана студенттердин жетишүүсү боюнча маалыматтар электрондук зачеткада чагылдырылат.

*Тиркеме 3.11.Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу жөнүндө маалымат.*

**3.6. Билим берүү программасы ар кандай денгээлдеги олимпиадаларды, кесиптик сынактарды жана долбоорлорду өткөрүү үчүн зарыл ресурстарга ээ.**

Билим берүү программасын жакшыртуу, өркүндөтүү максатында Экономика ПЦБ тарабынан жыл сайын ар кандай денгээлдеги олимпиадалар, тегерек стол жана кесиптик сынактар уюштурулуп турат. Ага иш берүүчүлөр, студенттер, университеттин жетекчилиги, ПЦБнын окутуучу-профессордук курамы жана башка кызыкдар тараптар катыша алышат. Откорулгон иш чаралар жыйынтыгында Экономика ПЦБнын тайпалары жогорку дэнгээлди корсото алышты.

ОшТУда “Бухгалтерлер жана аудиторлор” кунуно карата “Менин кесибим - бухгалтер” аттуу конкурс колледждер аралык откорулуп, Гуманитардык-технологиялык колледжинин Экономика ПЦБнын ЭжБЭ тайпасы 2-орунду камсыздап, диплом жана акчалай сыйлык менен сыйланышты.

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын жугуртууго киргизилишинин 30 жылдыгына арналган «Сом – Кыргызстандын жузу» темасында жаштар арасында эн мыкты видеоролик/репортаж боюнча республикалык сынактын жыйынтыгы боюнча Ош технологиялык университетинин Гуманитардык-технологиялык колледжинин Экономика ПЦБга караштуу студенттердин тобу 2-орунга ээ болушуп сынактын женуучулордун катарында болушту. Бул сынак Кыргыз Республикасынын Улуттук банк тарабынан уюштурулуп, республикалык денгээлде жаштарды жана жаш муунду улуттук валютага сарамжал мамиле кылууга уйротуу, финансылык сабаттуулук маселесине жаштардын чыгармачылыкка тартуу жана жогорулатуу максатында откорулду.

Кыргызстан топтомо пенсиялык фонду тарабынан «Акча эсепти суйот» аттуу квиз-оюну уюштурулуп, жаштардын финансылык жактан сабаттуулугун жогорулатуу максатында ОшТУда сынак откорулгон. Жыйынтыгында Экономика ПЦБнын студенттер топтому байгелуу орундарга ээ болушуп, диплом жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты. Кыргыз Республикасынын Топтомо пенсиялык фонду тарабынан уюштурулган иш- чара студенттердин билим денгээлин жогорулатуу менен бирге алардын критикалык ой жүгүртүүсүн остурду жана командада иштөө көндүмдөрүн жакшыртты.

*Тиркеме 3.12. - ОшТУ “Бухгалтерлер жана аудиторлор” күнүнө карата өткөүлгөн конкурстун ссылкасы*

*Тиркеме 3.13. – Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы тарабынан берилген грамотанын көчүрмөсү*

*Тиркеме 3.14. – Кыргызстан топтомо пенсиялык фонду тарабынан берилген сертификаттардын көчүрмөсү.*

**3.7. Билим берүү программасы студенттердин арыздарына(даттанууларына) жооп берүү жана кароонун иштелип чыккан жана ишке ашырылган жол-жобоолорун көрсөтүүгө тийиш.**

Студенттер экзамендин жыйынтыгына канааттанбаган учурда же канааттанбаган ар кандай жагдайларда окуу учурунда өздөрүнүн кураторуна, ПЦБнын, колледждин, университеттин жетекчилигине арыз берүүгө, даттанууга укуктуу. Студенттердин экзамендердин жыйынтыгы боюнча кайрылууларына жана даттанууларына жооп берүүнүн иштелип чыккан жана күчүнө кирген

Студенттердин даттануусун жана арыз-муңун талдоо, чечүү максатында ректорат тарабынан ар бир окуу корпустарына атайын кутучалар орнотулган. Андагы түшкөн маалыматтар ректораттын, деканаттардын, профсоюз уюмунун жана студенттик омбудсмендин катышуусу менен, коллегиялык таризде каралып чечилет. Ошол эле учурда, Гуманитардык-технологиялык колледжинин студсенаттары, директордун тарбиялык иштери боюнча орун басары, студенттердин омбудсмени жана жаштар комитети студенттер менен иш алып барышат.

Программанын студенттеринин даттанууларын жеткирүү инструменти катары:

1.“Окутуучу студенттин көзү менен” анонимдүү анкетирлөө уюштуруу

2. Телефон жана ишеним кутучасын колдонуу.

Студенттердин ар бир кайрылуу жана арыздануулары “студенттердин арыздары” журналында катталып окутуучулар отурумунда, студ сенатта,кураторлор кеңешинде каралат жана тиешелүү чаралар көрүлөт.

Студенттер менен администрациянын өз ара байланышын күчөтүү үчүн студенттик акыйкатчы (омбудсмен) дайындалган. (акыйкатчы аппаратынын төрайымы Студенттик акыйкатчы аппаратынын атайын жоболорунун негизинде, тиешелүү иш пландары боюнча, өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүшөт.

ОшТУнун сайтында ректорго кат бөлүмчөдөн ректорго кат жөнөтсө болот. Мындан сырткары колледжде студенттердин даттануулары өз алдынча каралат жана студенттердин пикирлери, даттануулары үчүн “Деканатка” кутучасы иштейт.

*Тиркеме 3.15.: Директордун тарбиялык иштери боюнча орун басарынын иш планы.*

*Тиркеме 3.16.: Студенттердин омбудсменинин иш планы.*

*Тиркеме 3.17.: Ишеним кутуча.*

***Кучтуу жактары*:**

- ОшТУнун окуу бөлүмү, директор жана ПЦБ тарабынан окутуучулардын билим деңгээлин жогорулатуусуна мониторинг жүргүзүлөт;

- жыл сайын окуу жылдын аягында профессордук-окутуучулук курам, окуу, илим жана коомдук маданий массалык иштери боюнча аттестациядан өткөрүлөт;

-окутуучулардын лекциялык сабактары жана аларга студенттердин катышуусу видео-аудио аркылуу окуу бөлүмү тарабынан көзөмөлдөнүп турулат;

-окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдалануу менен окутуучулардын сабак өтүүсү бекитилген графиктин негизинде өтүлөт жана ага мониторинг жүргүзүлөт.

**Алсыз жактары:**

- билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн, башка окуу жайлар менен тажрыйба алмашуунун начардыгы.

## СТАНДАРТ 4. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА ОКУУ-КӨМӨКЧҮ ПЕРСОНАЛ

Орто кесиптик билим берүү уюму педагогдордун жетиштүү квалификацияын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуучу педагогикалык кадрларды тартуунун жана өнүктүрүүнүн обьективдүү жана ачык айкын жол -жоболоруна ээ болууга тийиш.

**4.1. Педагогикалык жана окуу көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келет.**

Окутуучуларды жана окутуучу - көмөкчү курамды ишке алуу жана аларды кызматтан жогорулатуу, ОшТУнун кадрлар бөлүмү тарабынан көзөмөлдөнөт. Ал эми жаны ишке кабыл алуу ПЦБ башчысынын, директордун жана ректордун макулдугу менен ишке ашырылат. Жумушка алуу негизинен Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамдарынын жыйнагынын негизинде жүргүзүлөт жана бул жерде жумушка алынып жаткан адамдын кесиби адистикке дал келүүсү , илимий эмгектери, эмгек стажы ж.б. эске алынат. Окутуучуларды жумушка кабыл алууда эн оболу жогорку билимин тастыктаган диплому, квалификациясы талап кылынат жана иш тажрыйбасы эске алынат.

ОшТУда окутуучуларды кабыл алууда төмөнкү критерийлер эске алынат:

- окута турган дисциплинанын профилине ылайык базалык билимге ээ болушу;
- тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү илимий даражага же тажрыйбага ээ болушу;
- илимий же илимий-методикалык ишмердүүлүк менен системалуу алектениши;
- универсалдык жана педагогикалык-кесиптик компетенцияларга ээ болушу.

ППСти жумуштан бошотуу-бул кызматкер менен окуу жайдын ортосундагы эмгек мамилесинин бүтүүсүнөн улам жүргүзүлөт. Окуу жайда кызматкерлер көпчүлүк учурда өз каалосу менен жана пенсиялык куракка жеткендигине байланыштуу жумуштан бошотулат.

ПЦБда бүгүнкү кундө 12 кызматкер эмгектенет, алардын ичинен толук штаттык негизде 10 окутуучу, 2 айкалыштырып иштегендер. Анын ичинен 6 магистр, 1 ага окутуучу жана 1 окуу-көмөкчү персоналы эмгектенет.

*Тиркеме 4.1. Професссордук-окутуучулук курамдын жумушка жайгашуусу боюнча жобо*

*Тиркеме 4.2. Эмгек келишимдери*

*Тиркеме 4.3. Кызматкерлердин штаттык формуляры*

*Тиркеме 4.4. Кызматкерлердин функционалдык милдеттери*

*Тиркеме 4.5. Кызматкерлерге эмгек акыны төлөө боюнча жобо*

**4.2. Билим берүү программасында педагогдорду тандоо, мотивациялоо жана бекитүү үчүн, ошондой эле педагогикалык жана окуу -көмөкчү персоналдын инновациялык билим берүү методдору жана технологиялары боюнча квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн шарттар түзүлдү.**

Професордук-окутуучулук курамдын квалификациясы билим берүү программасында окутуунун натыйжаларын түзүүнү камсыз кылуу менен бирге ПЦБнын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу системасы персоналдын ишмердүүлүгүнө ачык-айкын жана объективдүү баа берүүнү камсыз кылат.

ПЦБнын окутуучулары өз квалификацияларын жакынкы чет олколордо, Бишкек шаарында жайланышкан калификацияларын жогорулатуу борборлорунда, ОшТУга караштуу технопаркта, “Санарип” академиясында жогорулатып турушат.

*Тиркеме 4.6.Кафедранын илимий -изилдөө иштери*

*Тиркеме 4.7. Сертификаттар*

**4.3. Педагогдор окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштеп чыгууларды үзгүлтүксүз чыгарат жана өркүндөтөт.**

080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп(тармактар боюнча) жана 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) адистиктери боюнча окутулуучу дисциплиналардын маңызын өркүндөтүү жана сапатын жогорулатуу үчүн жыл сайын ПЦБнын окутууучулары тарабынан окуу куралдары, окуу китептери жана башка методикалык иштеп чыгуулары жыл сайын үзгүлтүксүз чыгарылып турат. Ар бир окуу жылдын башында ПЦБда окуу усулдук көрсөтмөлөрдүн планы түзүлүп ГТКнын усулдук кеңеши менен макулдашылып, ОшТУнун ректору тарабынан бекитилет.

Мисалы 2023-2024-окуу жылында Экономика предметтик-циклдик бирикмесинин окутуучулары тарабынан 6 окуу куралы, 2 усулдук корсотмо, 1 маселелер топтому жана 1 тесттик жыйнак чыгаруу пландаштырылган. Окуу жылынын аягында пландаштырылгандардын ичинен 60% аткарылды. (Мисалы, Зулпукарова Т.А. “Маркетинг” сабагы боюнча, Бакирова Г.В.нын “Ишкердүүлүктүн негиздери” сабагы боюнча, Сариева М.А. “Персоналды башкаруу” сабагы боюнча, Кадырбаева А.Э., Баатыров З.К. “Бюджет жана бюджеттик система” сабагы боюнча окуу куралдары чыгарылды.

*Тиркеме 4.8. ГТКнын Экономика ПЦБсынын 2023-2024-окуу жылына карата пландалган окуу-усулдук көрсөтмөлөрү*

**4.4. Билим берүү программасынын билим алуучулары тийиштүү адам ресурстары менен камсыз кылынды (кураторлор, академиялык кенешчилер, жатаканадагы тарбиячылар)**

Жаңы окуу жылынын башталышында биринчи курска кабыл алынган тайпаларга Экономика предметтик-циклдик бирикмеси тарабынан кураторлор көрсөтүлүп, Гуманитардык-технологиялык колледждин тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, колледждин директору аркылуу дайындалат. Кураторлор, студенттер менен тыгыз байланышта болуп, алардын ата-энелери менен биргеликте тарбиялык иштерин жүргүзүшөт. Кураторлор быйылкы жылдан баштап министрлик тарабынан иштелип чыккан жаңы типтеги кураторлук журналдар менен камсыздандырылды. Жаңы журналдын ичинде кураторлор аткаруучу жумуштардын бардык түрү камтылган. Анын натыйжасында тайпадагы ар бир студент жөнүндө толук маалыматтарды алсак болот. Мисалы, куратордун бир жылдык аткаруучу иш пландары, студенттердин окуу төлөмдөрүн төлөгөндүгү жана академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт. Алар журналдын негизинде өз иштеринин жыйынтыгын көрсөтүп, жыл ичинде эки жолу ПЦБнын отурумунда отчет беришет.

Экономика жана бухгалтердик эсеп жана Менеджмент адистиктеринде окуган, алыс аймактардан келген студенттер үчүн окуу жайда баардык шарты менен жатакана каралган. Жатаканада жашаган студенттер үчүн тарбиячылар бекитилип, алардын милдеттерине жатаканада жашаган студенттерди тарбиялоо, социалдык жактан коргоо жана өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын комплексин жүргүзүү, студенттердин кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн үйрөнүү, кыйынчылыктары менен көйгөйлөрүн аныктоо жана жатаканада жашоо үчүн мыкты шарттарды түзүп берүү кирет.

*Тиркеме 4.9. 2023-2024-окуу жылы учун кураторлордун тарбиялык иш планы*

*Тиркеме 4.10. ОшТУдагы студентик тайпалардын кураторлору жонундо жобо.*

*Тиркеме 4.11. ОшТУнун “Студенттер уйу жонундо жобо”.*

**4.5. Программа адистештирилген предметтерди (жеке модулдар, семинарлар, тренингдер) окутуу үчүн адистештирилген ишканалардын учурдагы жетекчилери ичинен толук эмес убакыттагы окутуучуларды тартууну практикалайт.**

Предметтик-циклдик бирикме студенттерге берген теориялык билимди бекемдөө үчүн адистештирилген ишканалардан адистерди чакырып, предметтерди окутуу үчүн семинарларды, тренингдерди өтүүнү практикалайт. Себеби аларды чакыруунун натыйжасында:

1. Адистер студенттерге заманбап технологиялар, методдор, стандарттар жөнүндө актуалдуу маалыматтарды берүү аркылуу аларды келечектеги жумуштун реалдуу шарттарына мыкты даярдануусуна көмөктөшүшөт.

2. Окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү менен тыгыз байланышта болуу аркылуу, окуткан студенттеринин арасынан өз ишканалары үчүн мыкты кадрларды тандаап алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

3. Өндүрүшчүлөр мастер-класстарды, семинарларды, практикалык сабактарды өткөндө окуу процесси реалдуу тажрыйбага негизделет да кайтарым байланыш чыңдалат.

Мисалы 2021-2022-окуу жылында “Финансылык жыйынтыктарды башкаруу” предметинен РСКнын директору Тойчиев Ч. сабак өткөн.

ПЦБ тарабынан байма-бай адистештирилген ишканалардан адистер да чакырылып, тез-тез конок лекциялар да уюштурулуп турат.

*Тиркеме: 4.12. Экономика ПЦБсынын уюштурулган конок лекцияларынын шилтемелери:*

**(- Экономика жана коммерция министрлигине караштуу финансылык козомол кызматынын туштук аймактык башкармалыгы.** https://m.facebook.com/story.php?story_fbid=pfbid02pnKoih4Fm2iyDn7bkhGkxBvzujiBxtLeRrjwDLoQpkBgn1aGRgXr87NnR45iTTs1l&id=100010130072749&sfnsn=wa&mibextid=I6gGtw

**- Кыргызстан камсыздандыруу компаниясынын туштук аймактык филиалы**

https://m.facebook.com/story.php?story_fbid=pfbid036XT14JuExa4mxpc54twcJ6JkbRXc4Bazb8tng9U1GvzzeT5ay2srY79Ca6qTF3HSl&id=100010130072749&sfnsn=mo&mibextid=2JQ9oc

**- Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын туштук аймактык филиалы**

https://www.instagram.com/p/C0vr9ftt6i5/?igshid=MTc4MmM1YmI2Ng==

- К.Тыныстанов атындагы Ысык-Кол мамлекеттик университетинин колледжи

https://m.facebook.com/story.php?story_fbid=pfbid037QoP32XenkiuUZVwBaKGHCPdt1faPCcNDyD82ZAbvABCh37gBwsbsVSCjPcBsv5kl&id=100010130072749&mibextid=I6gGtw

**- ЖАК ФИНКА банкынын туштук аймактык филиалы**

https://m.facebook.com/story.php?story_fbid=pfbid0xpc6UCfu8rThvQGCc65YgsXPfYPgWnsCCuZydTGZtZpev2gwGt9M4Poj5xEs6wmNl&id=100063723904648&mibextid=Nif5oz

инстаграм https://www.instagram.com/p/C2PXQN0oLnV/?igsh=YTI2N24ycG1vMWJs)

**4.6. Окутулуучу дисциплиналардын профилине жана даярдоо программасына ылайык экономиканын реалдуу секторунун ишканаларында практикадан өткөн окутуучулардын жана өндүрүштүк окуу боюнча адистердин болуусу зарыл.**

ПЦБда окутулуучу дисциплиналардын сапатын жогорулатуу жана практикалык жактан бекемдөө максатында окутуучулар адистиштештирилген ишканалар менен да тыгыз байланышта келишет. Себеби бул байланыш аларга:

1. Теориялык билимдерин жаңылоого мүмкүндүк берет. Адистештирилген ишканаларга баруу окутуучуларды уюмдарда колдонулуп жаткан акыркы тенденциялар, технологиялар жана техникалар менен тааныштырып турат да, ал өз кезегинде окуу планын жаңыртып туруууга жардам берет.

2. Практикалык түшүнүк алуу мүмкүндүгү: Ишканадагы тажрыйба мугалимдерге чыныгы иш шарттарын жакшыраак түшүнүүгө жардам берип, алардын окуусун практикага багытталган жана натыйжалуу кыла алат.

3. Ишканалар менен үзгүлтүксүз байланышдын болуусу: Бул иш берүүчүлөр менен байланыш түзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзөт, бул студенттерге практика өтөөгү жана студенттерди жайгаштыруу үчүн өтө пайдалуу.

4. Окуу материалдарын жанылап иштеп чыгуу мүмкүндүгү: Окутуучулар окуу материалдарын жаңыртып, турмуштук мисалдардын жана ишканалардагы адистер туш болгон учурдагы көйгөйлөрдүн негизинде жаңы курстарды иштеп чыга алышат.

5. Кесиптик өнүгүү мүмкүнчүлүгү. Ишканаларда окутуучулардын практикаланышы алардын инсандык жана профессионалдык өсүшүнө, компетенттүүлүгүн кеңейтүүгө жана окутуунун сапатын жогорулатууга көмөктөшө алат.

Мисалы, ПЦБнын окутуучулары Баатыров З.К., “Камсыздандыруу” предметинен сабак бергендиктен, дайыма Ош шаарында жайланышкан камсыздандыруу компанияларын да, Кадырбаева А. коммерциялык банктарда, Бекмуратова А., Маметова Б. мамлекеттик жана жеке ишканалардын бухгалтериясында өз билимдерин практикалык жактан бекемдеп келишет.

*Тиркеме 4.13. Окутуучулардын мекеме иш-каналар менен тажырыйба алмашуу учурундагы сурот.*

**Күчтүү жактары**

- жыл сайын окуу жылдын аягында профессордук-окутуучулук курам, окуу, илим жана коомдук маданий массалык иштери боюнча аттестациядан өткөрүлөт;

- студенттердин окуу-усулдук материалдар менен камсыздалуусу толук кандуу жүргүзүлөт;

## СТАНДАРТ 5. МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР

Кесиптик орто билим берүүчү уюм билим берүү программаларынын максаттары үчүн жетиштүү, жеткиликтүү жана тийиштүү окуу ресурстарынын жана окуучуларды колдоо кызматтарынын болушун камсыз кылууга тийиш.

**5.1. Билим беруу программасы билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстрарга ээ.**

Ош технологиялык университети 3 корпустан турат. Жалпы аянты 44200м$^2$ түзөт, жеткиликтүү болгон библиотека, 2 спорттук залы, 3 ашкана, ГТКда 1 буфет жана медициналык борбор бар. Университеттин балансында жалпы аянты 5113м$^2$ болгон жер участогу жана көмөкчү имараттар бар. *(Тиркеме 5.1.).*

Гуманитардык-технологиялык колледжинин негизги билим берүү процесси ОшТУнун жана колледждин корпустарында жүргүзүлөт.

Билим берүү процесси эки сменада жүргүзүлөт. Университетте лекциялык, семинардык сабактарды өткөрүү үчүн талапка ылайык аудиториялык фонддор бар. Жалпы этаж боюнча 17 аудитория пайдаланылат. Анын ичинде лекциялык 5 каана, семинардык сабактар үчүн 7 кааналар – 522 м$^2$ аянт түзөт. Азыркы маалда замандын талабына ылайык ар бир кааналарга интерактивдүү панель орнотулган.

Университетте жана колледжде студенттер толук кандуу билим алышы үчүн шарт түзүлгөн. Аудиториялар керектүү окуу жабдуулары менен камсыздалган.

Материалдык-техникалык камсыздоонун минималдуу талап кылынган тизмеси келтирилген:

- Лекциялык кааналар (презентациялар үчүн видеопроекциялык жабдуулар, үндү чыгаруу каражаттары, экрандар, интернетке кирүү менен жабдылган)
- Библиотка (жумушчу месталар маалымат базаларына кирүү мүмкүнчүлүгү бар компьютерлер менен жабдылган)
- Компьютердик кааналар
- чон актылар залы (БАЗ)
- кичинекей актылар залы (МАЗ)
- басмакана
- спорттук залдар (ачык жана жабык спорттук комплекс)
- Лекциялык жана практикалык кааналар (№ 203, 217, 401,402,403,404,407а,407б, 409, 501,503,504, 507,508,509)

Окуу жайда окуган студенттердин билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында жыл сайын университтетин материалдык техникалык базасы жаныланып, окутуунун жаны технологияларын колдонуу, компьютердин акыркы үлгүлөрү менен окуу процессин камсыз болот, заманбап окуу куралдарын, жабдууларын жана жаңы студенттер үчүн китептерди сатып алуу, окуу кааналарды замандын талаптарына жооп бергендей шарттары менен түзүү каралган. Жогоруда белгилегендей мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер, жок болсо, да алар үчүн шарттар түзүлгөн. Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга университет тарабынан долбоордун негизинде акысыз окуулар уюштурулуп берилет. Мис: Ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга корпустун арт жагында пандус орнотулган.

ОшТУнун материалдык-техникалык базасы дисциплинардык окутуунун бардык түрлөрүн, лекцияларды, практикаларды, лаборатория иштерин жана студенттердин илимий изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн камсыз кылат, алар окуу планында каралган жана учурдагы санитардык жана өрт коопсуздугунун эрежелерине жана ченемдерине ылайык.

Окутуунун болжонгон натыйжаларына жетүү максатында студенттерди моралдык шыктандыруу жана психологиялык колдоо көрсөтүү систамасы калыптанган. Бул система Гуманитардык-технологиялык колледждин ПОК (педагогикалык окутуучулар курамы) жана ОКК (окумуштуулар кеңешинин курамы) ресурстары менен камсыздалган. Ал төмөнкү элементтерди камтыйт:

ГТКнын жогорку жетекчилиги болуп:

- Педагогикалык кеңешме (ПОК курамы);
- Колледждин жетекчилиги директор жана орун басары;
- Тайпалардын кураторлору, ПОК курамы
- ГТКнын коомдук уюмдары, аялдар кеңеши, студенттик сенат, ата-энелер комитети, бүтүрүүчүлөр ассоциациясы ж.б.

*Тиркеме 5.1. Технический паспорт ОшТУ.*

*Тиркеме 5.2. Сүрөттөр*

**5.2. Окуу жайлары билим беруу чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына (санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелерге жана ченемдерге, өрт коопсуздугунун эрежелерине, эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын эрежелерине ) шайкеш келет.**

Гуманитардык-технологиялык колледждин окуу процессине тиешелүү болгон бардык аудиториялары Ош шаарынын санитардык-эпидемиялык изилдөө борбору тарабынан жыл сайын текшерилип, “АКТ санитарно-эпидемиологического обследования

” 2022-жылдын 27-мартында №0407-11 акты берилген. Профессордук – окутуучулук жана жардамчы-көмөкчү курамдар жыл сайын медициналык кароодон, ал эми студенттер флюраграфиялык текшерүүдөн өтүп турушат.

Гуманитардык-технологиялык колледждин аудиториялары санитардык - гигиенага ылайык күн сайын сабактар жыйынтыкталганда жуулат.

Өрт коопсуздугуна ылайык өрт өчүрүүчү шаймандар ар бир этажга коюлган. Авариялык ситуацияларда колдонулуучу 1 кошумча тепкич бар.

Университетте Кыргыз Республикасынын 07.06.1996-ж.№ 22 “Өрт коопсуздугу боюнча” мыйзамынын негизинде бардык талаптар аткарылып, Ош шаардык өрткө каршы мамлекеттик кызмат башкармасы ________________ “Өрт коопсуздугунун эрежелерине жооп берүү боюнча” корутунду берген.

*Тиркеме № 5.3 - Санэпидстанциядан уруксат көчүрмөсү*

*Тиркеме№ 5.4 - Өрт копсуздугунан уруксат көчүрмөсү*

**5.3. КООЖ окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук окуу китептери, окуу куралдары жана окуу-методикалык материалдар билим беруу программасынын мазмунуна шайкештигин көрсөтүшү керек.**

ОшТУнун китепканасынын имараты окуу корпустардын жанына 2014-жылы курулушу иштери башталып, 2015-жылдын ноябрь айында толугу менен аяктап, китепкананын ачылышы болуп колдонууга берилген. Ушул күнгө чейин китепкана университеттин башкы корпусунда орун алган. Китепкананын жалпы аянты 1502 $м^2$ түзөт. Анда эки окуу залы иштейт: биринчи студенттердин окуу залы болуп, 150 орунду түзөт, ал эми экинчиси илимий окуу залы болуп 80 орудан турат. Ошондой эле китепканада усулдук кабинет бар, ал 65 орунга ылайыкташтырылган. Мындан башка да китепканада семинар, конференция, тренингдерди өткөрүүчү кааналар жайгашып, окутуучулар жана студенттер үчүн мүмкүн болгон бардык шарттар түзүлүп, азыркы замандын талаптарына ылайык заманбап жабдыктар,эмеректер жана китептер менен жабдылган. Окуу залдында баардык шарттар түзүлгөн, тактап айтканда Wi-Fi аркылуу иштөөчү интернет орнотулган.

2012-жылдан баштап университетте Ош шаардык китепкананын филиалы жайланышып иштеп келе жатат, анын китеп фонду – 22600 дан ашуун экземплярды түзөт. Бул китепкана ОшТУда орун алынышы окутуучуларга жана студенттерге жакшы болгон.

Аттестацияланып жаткан 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча ) адистигинин студенттери үчүн бардык керектүү болгон адабияттар менен камсыз болгон. Мындан башка дагы университеттин,

кафедрада жана ОшТУнун китепканасында окутуучулардын айрым дисциплинарлар боюнча электрондук окуу китептери бар, бул студенттердин жана окутуучулардые кеңири пайдалануусуна шарт түзөт. Бардык дисциплинарлар боюнча окуу-усулдук материалдар ОшТУнун билим берүү порталына жайгаштырылган.

Университеттин сайтындагы электрондук библиотекасында www.oshtu.kg университеттин электрондук ресурстары: окутуучулар тарабынан жазылган электрон басмалар, электрондук китептер боюнча толук маалыматтар жайгаштырылган.

Студенттер кошумча университеттин башкы корпусунда жайгашкан ОшТУнун китепканасынын китеп фондунан пайдаланышат, ошондой эле биздин студенттер атайын предметтерден шаардык китепканадан пайдаланышат. Мисалы, ж.б. студенттерге арналган окуу залы 66 орунга ылайыкташтырылган. Колледждин студенттери борбордук китепкананын жана областтык китепкананын басма сөз каражаттарынан пайдаланышат.

Мындан сырткары, университеттин материалдык-техникалык базасынан – ОшТУнун борбордук электрондук китепканасынан, Ош шаарынын борбордук китепканасынан, интернет-класстардан, окуу залдарынан, ОшТУнун башка факультеттеринин китепкана фондунан пайдалануу жолдору кураторлордук саттарда тааныштырылат. Студенттер, жалпы эле  кызматкерлер үчүн Интернет ресурстарына кирүү камсыздандырылган. Булар тууралуу окуу жылынын башталышында кураторлор 1-курстун студенттери менен экскурсия жасап, тааныштырат. Мындан башка, китепканага мүчө болуу учурунда китепкананын кызматкерлери маалымат беришет. Окуу жайдын базасына ОПК тарабынан түзүлүп, же башка булактардан алынып электрондук китепканага илинген окуу, усулдук колдонмолор тууралуу маалыматтар студенттерге окутуу процессинде тааныштырылат же тизмелери илинет.

Жалпыга маалым, билим берүүнү глобалдаштырууга алып келүүдө. Ошондуктан, акыркы жылдары биздин Интернет каналдарыбыз аркылуу алдыңкы билим берүү маалыматтарынын келүүсү кескин жогорулады, ОшТУда «Мультимедиялык маалымат - коммуникациялык центр " түзүлгөн. Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларында болуп жаткандай, ОшТУда дагы эл аралык стандарттарга багытталган билим берүүнүн мазмунунун реформасын кайрадан карап чыгуу процесси жүрүп жатат. Перспективада – көп багыттуу байланыштарды өнүктүрүү жана окутуунун сапатына позитивдүү таасир этүүчү чет элдик университеттер, фондулар, борборлор, программалар жана проекттер менен кызматташуу.

Бардык компьютердик парктар глобалдык  Интернет тармагына жана ОшТУнун борбордук электрондук китепканасына чыгуучу борборлоштурулган Интернеттин локалдык тармактарына туташкан.

*Тиркеме 5.5 Сүрөттөр*

*Тиркеме 5.6 Окуу китептердин тизмеси*

**5.4. Заманбап жабдуулардын, компьютерлердин, лабораториялардын, адистештирилген практикалык базалардын, окуу-өндүрүштүк цехтердин, полигондордун, квалификациялык борборлордун, электрондук ресурстардын болушу.**

Бүгүнкү күндө университетте заманбап эл аралык стандарттарга жооп берген илимий-техникалык окуу комплекси түзүлүп, интернет түйүнү менен байланышкан электрондук китепкананы, мультимедиялык класстардын тармагын жана лингафондук лабораторияларын камтыйт.

Мультимедиялык технологияларды колдонуу окуу процессин уюштурууда, ошондой эле студенттердин чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат; окутуучуларга ар кандай дисциплиналар боюнча лекциялык сабактарды, практикалык жана лабораториялык иштерди жүргүзүү үчүн ыңгайлуу курал, анткени бул, жогоруда айтылгандай, билим берүү жана өнүгүү программаларын, презентацияларды, мультимедиялык окуу куралдарын, фильмдерди, ж.б. колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Колледжде окутуучулардын санарип сабаттуулугун жогорулатуу, алардын потенциалын ишке ашыруу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Ушул шарттардын бири — окуу процессинин техникалык жактан жабдуусу. Учурда колледжде бардык окуу кабинеттери британдык Promethean компаниясынын ActivePanel жана ActiveBoard сериясындагы заманбап интерактивдүү жабдуулар (интерактивдүү панелдер жана тактала, кыска фокустук, алыскы фокустук жана көчмө проекторлор) менен жабдылган. Бардык интерактивдүү панелдер жана тактала компьютерлерге туташтырылып, интернетке кирүү мүмкүнчүлүктөрү менен толукталган. Россиялык «Диалог» компаниясынын «Диалог-3» мультимедиялык лингафон лабораториясы орнотулган. Окутуучулардын жана студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн атайын жабдылган компьютердик класста интернет тармагын акысыз пайдалануу камсыздалган.

Университетте лекциялык, семинардык сабактарды өткөрүү үчүн талапка ылайык аудиториялык фонддор бар. Жалпы этаж боюнча 17 аудитория пайдаланылат. Анын ичинде лекциялык 5 каана, семинардык сабактар үчүн 7 кааналар – 522 $м^2$ аянт түзөт. Азыркы маалда замандын талабына ылайык ар бир кааналарга интерактивдүү панель орнотулган.

Университетте жана колледжде студенттер толук кандуу билим алышы үчүн шарт түзүлгөн. Аудиториялар керектүү окуу жабдуулары менен камсыздалган.

Материалдык-техникалык камсыздоонун минималдуу талап кылынган тизмеси келтирилген:

- Лекциялык кааналар (презентациялар үчүн видеопроекциялык жабдуулар, үндү чыгаруу каражаттары, экрандар, интернетке кирүү менен жабдылган)
- Библиотка (жумушчу месталар маалымат базаларына кирүү мүмкүнчүлүгү бар компьютерлер менен жабдылган)
- Компьютердик кааналар
- чон актылар залы (БАЗ)
- кичинекей актылар залы (МАЗ)
- басмакана
- спорттук залдар (ачык жана жабык спорттук комплекс)
- Лекциялык жана практикалык кааналар (№ 203, 217, 401,402,403,404,407а,407б, 409, 501,503,504, 507,508,509)

*Тиркеме 5.7 Суроттор*

**5.5. Билим берүү программасы студенттердин өз алдынча иштөөсу үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылууга тийиш.**

Сабактан тышкаркы убакытта окутуучулар компьютердик класстарда кошумча сабактарды өтүүгө шарт түзүлгөн, ошондой эле, студенттер окуу маалыматтары менен иштөө үчүн жана сабактарга даярдануу үчүн компьютер колдонууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Зарыл болгондо окутуучулар студенттерге компьютерде иштеп жатышканда консультациялык жана информациялык жардам көрсөтүшөт.

ОшТУнун студенттик жатаканасы, анын аянты 3907 м$^2$ 105 сериялуу турак үйлөр катары 450 орун ылайыкташтырылган. Жатакана замандын шартына ылайыкташтырылып, студенттердин жагымдуу жашоосу үчүн баардык мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Жатакана мүмкүнчүлүгү четтелген, социалдык абалы оор, жардамга муктаж жана алдыңкы студенттерге жеңилдиктер бар. Ал эми алыскы райондордон келген студенттер үчүн кезексиз кабыл алуу артыкчылыгы берилген. Ошондой эле жатаканада мугалимдер үчүн атайын 14 бөлмө бөлүнгөн. Бир бөлмө студенттик ашкана. Калган 68 бөлмө студенттерге арналган. Жылдык төлөм 15000 (он беш миң) сомду түзөт. Студенттерди социалдык жактан камсыз кылуу үчүн төмөнкү шарттар түзүлгөн:

1.Бейтаптар үчүн пункт (изолятор).

2. Балдар жана кыздар үчүн өзүнчө окуу залы.

3. Сыналгы көрө турган жер.

4. Эс алуучу бөлмө.

5. Студенттик ашкана.

6. Милиция бөлүмү.

7. Өрттү өчүрүүгө бардык керектүү шаймандар орнотулган.

Бардык ванна бөлмөлөрү электро-аристондор менен жабдылган, ашканада ашкана эмеректери жана бышыруучу электр плиталары бар. Жумшак жана катуу эмеректер менен камсыздалган. (стол, отургуч, керебет, шкаф). Студенттик жатакана борбордук жылытууга толугу менен туташкан. Бош убактысында студенттер концерттик программаларга,конкурстарга, викториналарга, дискуссиялык клубдарга жана алар үчүн уюштурулган КВНге катышууга жана катышууга мүмкүнчүлүк алышат.Жатаканага борбордук жылуулук түйүндөрү толугу менен коюлган, жылуулук берилип, бүгүнкү күндө толук кандуу иштеп жатат. Студенттер үйүндө коомдук тартипти сактоо максатында Ош шаарынын Ак-Буура ички иштер бөлүмүнүн №37 административдик участогу иштейт. Алар менен биргеликте коопсуздук кызматы түзүлгөн.

Университетте жана колледжде жалпысынан 4 ашкана орун алган.Анын ичинен 3 ашкана университетте 1 ашкана колледжде жайгашкан. Алардын кызматынан университеттин кызматкерлери жана студенттери пайдаланышат. Ашканалардын санитардык-гигиеналык абалы бир жылда 2 жолу текшерилип турат. Университеттин студенттери 30 мүнөттүү тыныгууда каалаган ашканага баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ашканаларда ыссык тамак, ар кандай шириндиктер, тез татымдар чай жана кофе ар дайым менюда бар. Ал эми анда жасалып жаткан тамак-аштын баасын жана сапатын университет тарабынан түзүлгөн комиссия жыл аралыгында көзөмөлдөйт. Ошондуктан ашканалардын тазалыгы, анда түзүлгөн шарттар, тамак аштын калориясы жана баасы студенттерге жана кызматкерлерге ыңгайлуу.

Университеттин жатаканасында медициналык пункт жана санитардык-гигиеналык изолятордук кабинет бар. Жаңы медициналык шаймандар менен камсыздандырылган. Жумшак эмеректер, медициналык инвентарлар менен камысыздалган. Ош шаарынын №3 поликлиникасынан атайын бөлүнгөн фельдшер иштейт. Медпункт үчүн керектүү медикаменттер жетиштүү. Фельдшер ай сайын наркоманиялык, алкоголизмдик жана венериалдык ооруулардын алдын алуу үчүн, жатаканада жашаган студенттерге семинарларды өткөрүп турат. Ар бир мезгилдин алдынан сезондук ичеги-карын жана башка жугуштуу ооруулардын алдын алуу үчүн санитардык маалымат бюллетендерин чыгарып, санитардык тактайчага илип турат.

*Тиркеме 5.8 ОшТУнун жатаканасын жана ички иштер бөлүмунүн №-37 административдик участогун визуалдык көрсөтүү.*

*Тиркеме 5.9 ОшТУдагы ашканалардын абалы менен таанышуу*

*Тиркеме 5.10 ОшТУдагы медпункттардан визуалдык көрүнүш*

**Кучтуу жактары:**

- ОшТУда маалымат технологияларын пайдалануу менен окутуу алдынкы орунда турат;

-Окуу жайда азыркы мезгилдин талабына ылайык келе турган мультимедиалык каражаттар сатып алынган.

**Алсыз жактары:**

- Сатып алынган каражаттар жетишсиз

## СТАНДАРТ 6 . МААЛЫМАТ ЖАНА КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ

Билим берүү программасы билим берүү программаларынын жана анын ишинин башка чөйрөлөрүнүн натыйжалуу башкаруу үчүн маалыматты чогултууну, талдоону жана колдонууну камсыздайт. Билим берүү программалары алардын ишмердүүлүгү жөнүндө объективдуу, актуалдуу жана ишенимдүү маалыматты жарыялоого тийиш, ал коомчулук үчүн жеткиликтүү болууга тийиш.

**6.1. Билим берүү уюмунда маалыматты чогултуу жана талдоо үчүн бирдиктүү маалыматтык тутумдун болушу, анын натыйжалуулугу, билим берүү программаларын башкарууда маалыматтык (санариптик) технологияларды ишке киргизүү даражасы;**

КООЖдун жана предметтик-циклдик бирикменин маанилуу милдети өз убагында, анык жана актуалдуу принциптердин негизинде жүзөгө ашырылуучу өзүнүн ишинин айкындуулугу жөнүндө коомчулукка маалымдоо, студенттердин ачыктыгы, катышуусу жана маалымдуулугу, МЖО, иш берүүчүлөрдүн, алардын демилгелүүлүгү, өзгөрүп жаткан шарттарга туруктуу өнүгүүсү жөнүндө маалыматтарды ОшТУнун www.oshtu.kg вебсайтында жана “UNIVER+” порталында толук берилген.

IT кызматкерлери мезгил-мезгили менен “UNIVER+” порталында маалыматты түзүү процессине мониторинг жүргүзүп турушат. Ар бир аткарылган операция маалыматтарды автоматташтырылган иштетүүнү билдирет.

"UNIVER+" порталы төмөнкү процесстерди автоматташтырууга мүмкүндүк берет:

- дисциплиналар жана окутуучулар үчүн студенттерди каттоо;
- тарбиялык жана жеке пландарды түзүү;
- академиялык агымдарды түзүү;
- студенттерди учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялоону уюштуруу;
- студенттердин билим берүү жетишкендиктеринин базасын түзүү;
- окуу материалдарын жүктөп алуу.

**6.2. Окуучулардын жана билим берүү уюмунун кызматкерлеринин билим берүү процессин уюштуруу жөнүндө маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу жана даражасы, маалыматты чогултууга жана талдоо жүргүзүүгө алардын катышуусунун даражасы;**

Университеттин интернет ресурстары иерархиянын ар кандай деңгээлдеринде түзүлөт: жеке веб-сайттардан жана ПЦБ беттеринен университеттин жалпы маалымат репозиторийлерине чейин жана студенттер менен окутуучулар үчүн ОшТУнун ички тармагында жана эл аралык глобалдык Интернетте жеткиликтүү маалыматтар берилген.

Маалыматты чогултуу жана талдоо куралы катары автоматташтырылган портал "UNIVER+" маалымат системасы колдонулат. маалымат чогултуу жана талдоо үчүн студенттер жана окутуучулар курамы анкета жана сурамжылоо аркылуу процесске тартылат. «UNIVER+» порталынын жардамы менен маалыматтарды интеграциялоо студент жөнүндө толук маалыматты берет: контингент жөнүндө маалымат, рейтинг, ар кандай справкаларды берүү каралган.

**6.3. Билим берүү уюмунун расмий сайтын эффективдүү пайдалануу, веб-сайтта жана жалпыга маалымдоо каражаттарында билим берүү программалары, алардын жетишкендиктери жөнүндө толук жана ишенимдүү маалыматты, анын ичинде ишке орношуу жана бүтүрүүчүлордун суроо-талабы жонундо объективдуу маалыматтарды жарыялоо;**

Калкты жана кызыкдар тараптарды маалымдоо үчүн маалыматты таратуунун ар кандай жолдору (анын ичинде ЖМКлар, веб-ресурстар, маалымат тармактары ж.б.). Ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары (Кут билим гезитинде)(http://kutbilim.kg/) радио, телевидение жана социалдык тармактар аркылуу коомчулукка толук маалымат берилип турат.

Университет коомчулукка өзүнүн ишмердүүлүгү тууралуу маалыматты үзгүлтүксүз түрдө берип турат, анын ичинде:

- миссия;
- билим берүү максаттары;
- окутуунун күтүлгөн натыйжалары;
- ыйгарылган квалификациялар;
- окутуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;
- баалоо процедуралары;
- студенттерге берилген баллдар жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү;
- бүтүрүүчүлөр үчүн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат;
- студенттердин илимий ишинин натыйжалары.

www.oshtu.kg ОПде Вебсайт жана башка маалыматтык ресурстар ички жана сырткы стейкхолдерлер үчүн оңой жеткиликтүү деңгээлдеги интернеттик каражаттар толук ишке киргизилген. Веб барактардын мазмуну кеминде ай сайын жаңыланып туруу менен университеттеги ОПнин ж.б. багыттардагы жаңылыктар берилип турат. ОшТУ андагы ар бир бөлүмдөр тууралуу маалыматтарды жалпы коомчулук жана ата-энелер интернет аркылуу ОшТУнун сайтынан алууга болот. www.oshtu.kg Университеттин расмий веб-сайтында "Гуманитардык-технологиялык колледж" төмөнкү электрондук шилтемени колдонуп өзүнүн жеке бөлүмүн камтыйт

**http://oshtu.kg/2022/05/10/gumanitarno-tehnologicheskij-kolledzh-oshskogo-tehnologicheskogo-universiteta-im-akademika-adysheva-m-m/**

Окуу жай, андагы даярдалуучу адистиктер, келечеги тууралуу маалыматтар “Жаштык” телестудиясы, Универ.KG студенттик журналы аркылуу да көп маалымат коомчулукка жетет.

Мындан тышкары, университетте “UNIVER+” маалымат порталы иштелип чыккан, анда электрондук документ жүгүртүүсү, академиялык менеджмент, бөлүмдөрдүн дисциплиналары, тиешелүү кафедралардын окутуучуларынын жүктөмү ж.б.у. сыяктуу маалыматтарды камтыйт. Инстаграм социалдык тармагында ОшТУнун жана Гуманитардык-технологиялык колледжинин атайын баракчалары ачылган, анда университеттин жана колледждин жашоосу, иш-чаралары жөнүндө маалыматтар жарыяланат.( https://www.instagram.com/oshtu_pressa/

https://www.instagram.com/oshtu_gtk/

Коомчулукка тиешелүү маалыматтарды төмөндөгү булактардан алат:

- Ош ТУнун oshtu.kg сайтынан https:// www.oshtu.kg
- ГТК нын сайтынан **http://oshtu.kg/2022/05/10/gumanitarno-tehnologicheskij-kolledzh-oshskogo-tehnologicheskogo-universiteta-im-akademika-adysheva-m-m/**
- “Универ.KG” университет журналы
- Илимий журнал “Известия ОшТУ” http://vestnik.oshtu.kg/
- “Ош Шамы”газетасы https://oshshamy.kg/
- Ата-энелер балдарынын жетишүүсүн “UNIVER+” портал
- ЖАШТЫК телевидениеси https://www.youtube.com/channel/UCrjf_AZO0aXPWn2FPj6HrRw
- Фейсбук http://www.facebook.com/
- Инстаграм https://www.instagram.com/oshtu_pressa/
- ТИК-ТОК https://www.tiktok.com/tag/oshtu
- ГТКнын инстаграм баракчасы https://www.instagram.com/oshtu_gtk/

Жогоруда айтылгандай, колледждин веб-сайтында төмөнкү бөлүмчөлөр камтылган: "Колледждин максаттары жана милдеттери", " Колледждин жаңылыктары", "Кафедралар", "Билим берүү программасы", " Колледждин структурасы", " Кулактандыруулар ”жана башка бөлүмдөр бар.Университет жөнүндө маалымат жергиликтүү жана республикалык маалымат каражаттары аркылуу кеңири чагылдырылат. Окуу жайыбыздын “Жаштык” телестудиясы ОшТВ, Регион ТВ, Пирамида ТВ, ЭлТР, 7-канал, Ынтымак ТВ, Т-Медиа, УТРК-ОШ, Ош пирим, Илим Билим телеканалдары;

Азаттык, Ош шамы, Ош жаңырыгы, Эркин тоо, Кут билим, Кыргыз Туусу басылмалары, Akipress.kg, Kabar.kg, Aimaknews.kloop.kg, Barakelde.kg, Bilim.akipress, Turmush.kg интернет сайттары менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт.

Бүгүнкү күндө «Жаштык» телестудиясынын телеберүүлөрү “УТРК–ОШ ” жана “ОшТВ” телеканалынан ар жуманын ишемби жана жекшемби күндөрү, Илим Билим телеканалынан дүйшөмбү, шаршемби, жума күндөрү эфирге берилипуниверситетибиздин жашоосундагы окуяларды андан ары чагылдырып келе жатат.

**6.4. Кызыктар тараптар (студенттер, мугалимдер, иш берүүчүлөр, тиешелүү министрликтер жана ведомстволор (негизги иш менен камсыз кылуу боюнча өнөктөштөр) анын ичинде билим берүү уюмунун веб-сайтына) менен кайтарым байланыш механизминин болушу жана жеткиликтүүлүгү;**

Маалыматты башкаруу процессинде университет төмөнкү маалыматтык-коммуникациялык технологияларды, маалыматтык системаларды жана программалык камсыздоону колдонот:

1. “UNIVER+” маалыматтык системасы: окуу процессин уюштурууну чогултуу, талдоо жана башкаруу системасы адистиктердин окуу пландарын, жеке окуу пландарын түзүүнү, дисциплиналар боюнча окуу-методикалык материалдарды жүктөп алуу (окутуучулар тарабынан) жана көрүү (студенттер тарабынан), учурдагы жана жыйынтыктоочу аттестацияларды компьютердик тестирлөөдөн өткөрүү (окутуучулар тарабынан), окуудагы жетишкендиктердин жана дисциплинага катышуунун электрондук журналын толтуруу, (кызматкерлер тарабынан) окуу жылынын окуу календарын түзүү жана көрүү (студенттер тарабынан) ж.б.; (ссылка: http://portal.oshtu.kg/#/login)

2. Университеттин корпоративдик порталы: колдонуучунун жеке кабинети (окутуучу, кызматкер жана студент); өздүк кабинетинде окутуучулар жана студенттер академиялык мезгилдеги өздөрүнүн жеке сабак графигин көрө алышат, окуу акысын (студенттерге) төлөөнүн графигин жана фактыларын көрө алышат, окуу жайда болуп жаткан иш-чаралар, кулактандыруулар, айрым темаларды талкуулоого катыша алышат ж.б.; (ссылка: https:// www.oshtu.kg, http://portal.oshtu.kg/)

3. Студенттердин сурамжылоо системасы: окуу жайдын студенттеринен, окутуучуларынан жана кызматкерлеринен сурамжылоолорду чогултууга, талдоо жана башкарууга мүмкүндүк берет;

4. Интеграцияланган китепканалык маалымат системасы kyrlibnet.kg lib.kg ИРБИС: бул программа студенттерге жана кызматкерлерге университеттин китепканасында бар адабияттардын электрондук каталогуна жетүү мүмкүнчүлүгүн берет.

5. ОшТУ илимий базаларга кошулду: iprbookshop.ru, kyrlibnet.kg, lib.kg, ИРБИС, eLibrary, WebofScience и Scopus.

**6.5. Билим берүү программаларын аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугу жана сапаты жөнүндө иш берүүчүлөрдүн, анын ичинде ири уюмдардын өкүлдөрүнүн маалыматтарын камтыган документтердин болушу;**

ПЦБ билим берүү процессинин практикалык бөлүмүн өнүктүрүү жана бышыктоо максатында Ош шаарындагы ААК РСК банк, ЖАК Финка Банк, ААК Кыргызстан камсыздандыруу компаниясы, Туштук регионалдык социалдык фонду, Экономика жана коммерция министрлигине караштуу финансылык козомол кызматынын туштук аймактык башкармалыгы жана башка адистештирилген уюмдар менен тыгыз байланышта болуп келет.

Экономика жана бухгалтердик эсеп, Менеджмент адистиктерин аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн ишинин натыйжалуулугун жана сапатын жакшыртуу учун иш беруучулор, ири уюмдар менен тыгыз байланышта болуп сурамжылоолорду жүргүзүп турабыз. Иш берүүчүлөрдүн кафедрага жана бүтүрүүчүлөрүбүзгө берген ой пикрилерин камтыган документибиз бар.

*Тиркеме 6.1. иш беруучулордун кафедра жана бутуруучулорго бергеной пикирлери.*

**Күчтүү жактар**

- Окуу жайдын ишмердиги тууралуу социалдык түйүндөрдөн тынымсыз маалыматтардын чыгып турушу
- Экономика кафедрасы иш берүүчүлөр менен тыгыз иш алып барат жана алар менен келишимдер түзүлгөн.

**Алсыз жактар**

- Мамлекеттик гранттын эсебинен окууга студенттерге мүмкүнчүлүк жок.

***ТЫЯНАК***

2009-жылы ОшТУнун технологиялык колледжинде "Экономика жана бухгалтердик эсеп" адистигин жана 2013-жылы "Менеджмент" адистиктери ачылган. Өздүк баалоонун отчетунун негизинде, ОшТУнун ГТКда жүзөгө ашырылып жаткан 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) орто кесиптик билим берүү программасы боюнча төмөндөгүдөй **жыйынтыктарды** чыгарууга болот:

**1.** 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) ОКББ программасынын ишмердүүлүгү, сапатты камсыздоо саясаты КРнын ББИМнин мыйзамдарына, Финансы адистигинин мамлекеттик стандартына жана Ош ТУнун Уставына туура келет.

**2.** ОшТУнун миссиясынын, колледждин, ПЦБнын стратегиялык жана учурдагы пландарынын негизинде сапат менеджментинин тутуму аккредитация талаптарына ылайык иштейт.

**3.** 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) ОКББ программасынын академиялык беделин жогорулатуунун жана академиялык эркиндикти камсыздоонун структуралык бөлүмдөрү ишмердүүлүк жүргүзөт.

**4.** 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча) ОКББ программасынын НББПсы МББСнын, ОшТУнун бюллетенинин, жалпы жоболордун негизинде стейкхолдерлердин сунуш-талаптарына ылайык иштелип чыккан.

**5.** Реализацияланып жаткан НББП, бардык талаптарга жогорку деңгээлде жооп берет, жыл сайын каралат, байкоо жүргүзүлөт жана баа берилет.

**6.** Мониторинг жана мезгили менен баалоо негизинен атайын жооптуу адамдар тарабынан мезгил-мезгили менен атайын иштелип чыккан бланкалык анкеталар аркылуу жүрүзүлүп турат.

**7.**Электрондук китепкананын, сайттын (oshsu.kg), Универ+ ИСнын мүмкүнчүлүктөрү, турмуш шарты, материалдык абалы начар, жаратылыш кырсыктарынан жабыр тарткан студенттерге инсанга багытталган окутуудагы окутуунун сапатын жогорулатууга ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

**8.** Атайын иштелип чыккан текшерүүлөрдүн түрлөрү, баалоонун критерийлери жана алардын объективдүүлүгүн, ачык-айкындыгын камсыздаган жоболордун, ПО курамдын студенттер үчүн жеткиликтүүлүгү ишке ашырылган (Бюллетендер, электрондук ведомость, зачетка ж.б.) .

**9.** КООЖдун атайын “Кабыл алуу комиссиясы” иштейт жана ОшТУнун сайтында “Абитуриенттер үчүн”, “Окууга кирүүчүлөргө” бөлүмдөрү кызмат көрсөтөт. Сайттагы бул бөлүмдөрдө кабыл алуунун эрежелери, процесси, чен өлчөмдөрү, келишимдер ачык-айкын так көрсөтүлгөн.

**10.** ОКББ программасы Универ+ ИСнын, бюллетень жоболордун негизинде академиялык мобилдүүлүгүн, жетишкендиктерин жана андан ары бүтүрүүчүлөрдө ОНрын калыптандыруу менен мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

**11.** Экономика ПЦБсынын ПО курамы, реализацияланып жаткан НББПнын, учурдагы билим берүү процессинин талаптарына, ОшТУнун Уставына, Жоболоруна жана КР эмгек кодексинин мыйзамдарына жооп берет.

**12.** Окутуучулардын өзүнүн үстүнөн иштөө, квалификациясын жогорулатуу, кесиптик жактан өнүгүү, инновациялык тажрыйба алмашуу, ошондой эле өздөрүнө профсоюздук жеңилдиктерди алуу, түрдүү социалдык маселелерди чечүү мүмкүнчүлүктөрү каралган.

**13.** ОКББнын НББПсын реализациялоо үчүн орто кесиптик билим берүүнүн студенттерине сабактар II сменага коюлгандыктан, материалдык-техникалык база жеткиликтүү. Окуу аянттары, коопсуздук эрежелери талапка ылайык каралган. Ал эми жатаканада жашоо, эс алуу шарттары, профилактория кызматтары жогорку деңгээлде уюштурулган.

**14.** Окуу залдар, китепканалар талапка ылайык заманбап каражаттар менен камсыздалган.

**15.** Студенттер ОшТУнун интернетке, тармакка бекер чыгуу мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып ачык ББ ресурстарын, өзүбүздөгү мыкты окутуучултар, мыкты лектор, мыкты окутуучулардын ОМК, кээ бир сабактардын иштелмелерин окуу процессин толук ишке ашыруу максатында кенен колдонушат.

**16.** Универ+ ИСнын жардамында студенттердин контингенти, катышуусу, жетишүүсү, жетишкендиктери жана алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы жөнүндө маалыматтар, материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү, жалпы эле ОшТУнун ишмердүүлүгүнүн майнаптуулугу камсыздалган.

**17**. Кабыл алуу комиссиясы, кадрлар бөлүмү, дирекорат, окутуучулар жана студенттер маалыматтарды чогултуу жана башкарууда түздөн-түз катышат, ал эми ОшТУнун өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматтарды oshtu.kg сайтынын, Жаштык телестудиясынын жана ММКнын жардамында ар дайым туруктуу берип турат.

Академик М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетиндеги аккредитацияланууучу 080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча), 080501 Менеджмент (тармактар боюнча ) адистиктеринде билим берүү программасынын жогоруда белгиленген күчтүү жана алсыз жактарын эске алганда, Кыргыз Республикасындагы улуттук аккредитациялык стандарттарынын критерийлерине жана талаптарына жооп берет.